# БАЛА балага

## Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга түшүнүү менен мамиле кылуусуна мугалимдерге жана балдарга жардам берүү

Балдар алардан кандайдыр бир нерсеси менен айырмаланган балага карата таш боор же, тескерисинче, абдан жароокер мамиле кылышы мүмкүн. Алар мындай баланын кыжырын кайнатышы, аны мазакташы, туурап шылдыңдашы же атүгүл денесинин бир жерин оорутканга чейин барышы ыктымал. Бирок көбүнчө балдар мындай баланы жөн гана өз оюндарына жана иш-аракеттерине кошпошу, тең атадай кабыл албашы же такыр адам катары көрбөшү кыйла көбүрөөк орун алат.

Көп учурда балдар түшүнбөгөн нерселеринен чочулаганынан улам ушундай кылышат. **Түшүнүү пайда болор замат, оорулуу балдарга карата мурда таш боор мамиле кылып жүргөндөр же алардын жанында өзүн оңтойсуз сезгендер мындай балдардын эң жакын досторуна жана жардамчыларына айланышы мүмкүн.**

Ар бир коомчодо жашаган балдардын кайсы бир себептен улам алардан бир нерсеси – терисинин түсү, кийими, дини, тили, физикалык мүмкүнчүлүктөрү – менен айырмаланган башка бирөөнү жакшыраак түшүнүүсүнө мүмкүнчүлүгү болуусу абдан маанилүү.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү баланы жакшыраак түшүнүүгө жана мындай балага көмөк көрсөткөндү үйрөнүүгө балдарга жардам берүүчү жолдордун бири – **“БАЛА балага” программасы**.

Бул расмий эмес эл агартуу программасы. Анын максаты – мектеп курагындагы балдарга башка балдардын, өзгөчө кичүүлөрдүн же өзгөчө муктаждыктары барлардын саламаттыгын жана бейкуттугун коргоо ыкмаларын үйрөтүү. Балдарга алар өз чөйрөсүндө колдоно ала тургандай жөнөкөй, алдын алуу жана дарылоо иш-чаралары үйрөтүлөт. Балдар үйрөнгөн билимин башка балдарга жана үй-бүлөлөрүнө жайылтышат.

“БАЛА балага” программасы 1979-жылы – Эл аралык, бала жылында ишин баштаган. Дэвид Морли (David Morley, *Paediatric Priorities in the Developing World* (Өнүгүп келаткан өлкөлөрдөгү балдардын саламаттык жаатындагы приоритеттери) жана *See How They Grow* (Балдар кандай чоңоюп жатканына байкоо жүргүзүү) деп аталган иштердин автору) чогуу иш алып баруу максатында ар кайсы өлкөлөрдөгү коомчолук медициналык-санитардык кызматчыларды жана эл агартуучуларды бириктирген. Булар тарабынан ар кайсы өлкөлөрдөгү жана ар түрдүү турмуштук жагдайлардагы мугалимдер жана дарыгерлер муктаждыктарына ылайыктап өзгөртүп алууга мүмкүнчүлүк берген нускамалар жыйнактары иштелип чыккан.

Балдарга арналган отуз беш нускамалар жыйнагын (алардын ичинен алтоо атайын, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар үчүн) *Child-to-Child: A Resource Book from Teaching Aids at Low Cost* (TALC) (Бала балага: Кымбат эмес көмөкчү каражаттарды пайдаланып үйрөтүү колдонмосу) деп аталган китептен табууга болот. Китепти бул дарек боюнча сураса болот: PO Box 49, St. Albans, Herts. AL1 5TX, United Kingdom. Анда төмөнкү маселер каралган:

- **физикалык жана акыл-эс бузулуулары бар балдар**
- **көздөрү жакшы көрбөгөн жана кулактары жакшы укпаган балдарга жардам берүү**
- **акыл-эс өрчүү артта калуу жана балдар**
- **полиомиелит**
- **согуш, кырсык же кагылышуу шарттарында жашаган балдарга жардам берүү**



*Child-to-Child: A Resource Book* колдонмосундагы башка нускамалар ден соолук мүмкүнчүлүктөрүн чектеген илдеттердин алдын алуу маселелери боюнча:

- **6 айдан 2 жашка чейинки балдарды тамактандыруу**
- **бала жетиштүү тамактанып жүргөнүн кантип билсе болот?**
- **ичи өткөн балдарга кам көрүү**
- **кырсыктарга жол бербөө**
- **биздин айлана-чөйрөбүз**
- **балдар менен кандай ойноо керек: ымыркай менен ойноо**
- **балдар менен кандай ойноо керек: мектеп жашына чейинки балдар үчүн оюндар жана оюнчуктар**
- **оюн ойноо үчүн жер**
- **ооруп калган балдарга кам көрүү**
- **коопсуз жашоо мүнөзү**

"БАЛА балага" программасын иш жүзүндө төмөнкүлөр аткара алышат:

- мугалимдер жана окуучулар биргелешип;
- мектебинде бул программага катышкан окуучулар кичүү класстарда окугандарга же мектепте окубаган балдарга;
- коомчодогу медициналык-санитардык кызматчылар же ***реабилитациялык*** программанын кызматчылары;
- ата-энелер комитеттери же коомчодогу бардык буга кызыкдар адамдар.

"БАЛА балага" программасынын бул бөлүмдөрүрүнүн максаты – балдарга жардам берүү:

- ар кандай бузулууларды бир биринен ажырата билүүнү үйрөнүү жана "ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү" деген эмнени билдирерин түшүнүүгө аракет кылуу;
- айрым жумуштарды аткара албаган, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам башка нерселерди абдан жакшы аткарууга жөндөмдүү болушу мүмкүн экенин түшүнүүнү үйрөнүү;
- өздөрүн эч кимге кереги жоктой сезбеши үчүн, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга кантип жардам берүү керектигин жана аларды оюндарга катыштыруу, окуусунда жана башка иш-аракеттеринде жардам берүү, ык-жөндөмдөрүн жетилтүү жолдорун ойлонуштуруу;
- айланасындагыларынан айырмаланган же өзгөчө муктаждыктары бар ар бир балага дос жана анын коргоочусу болуу.


"БАЛА балага" программасынын нускамасынан:

**КЫРСЫКТАР**

Балдарга төмөнкү эрежелерди сактаганды үйрөткүлө:

- Инилери жана сиңдилери тамак жасалуучу отко жолобоосун камсыз кылуу.










- Ширеңкелерди кичинекей балдар жетпеген жерде сактоо. (Ширеңкелерди сактоо үчүн, балдар өздөрү атайын кутуча же текче жасай алышат. Анан аны дубалга бийик илип коюу керек.)


- Ысык таба бала анын туткасын кармап жибербегендей коюлуусун камсыз кылуу.





- Кичүүлөргө жыландар, чаяндар жана аарылар бар жерлер тууралуу эскертүү.
- Киши өткөн жолдорду чөптөн жана таштардан тазалоо.

- Уулуу заттар, дарыдармектер жана инсектициддер балдар жетпеген жерде сакталышын, ал эми керосин сыяктуу суюктуктар суусундуктардын идиштеринде сакталбашын касыз кылуу.



Бир катар өлкөлөрдөгү реабилитациялык программалар "БАЛА балага" программасы боюнча өздөрүнүн мындан да толук нускамаларын иштеп чыгышкан. Биз бул китепте Кенияда (Африка), Филиппиндерде жана Мексикада (бул жерде келтирилген нускамалардын айрымдары так ушул өлкөлөрдө иштелип чыгып, иш жүзүндө текшерилген) ишин жүргүзгөн программалардан алынган варианттарын келтирдик. Бул бөлүмдө бул программанын 3 багыттагы иш-чаралары тууралуу сөз болот:

1. Өзгөчө көйгөйлөрү бар балдарды түшүнүү (429-бет).
2. Жакшы түшүнө албаган балдар (442-бет).
3. Бала канчалык жакшы көрө жана уга алуусун кантип аныктоого болот ( 447-бет).


# БАЛА балага ПРОГРАММАСЫ

## ӨЗГӨЧӨ КӨЙГӨЙЛӨРҮ БАР БАЛДАРДЫ ТҮШҮНҮҮ

### Топ болуп талкуулоо


Мектеп классында же бир топ болуп жүргөн балдар менен ден соолугунун өзгөчө көйгөйлөрү бар балдар тууралуу кеп куруңуз. Алардан төмөнкүлөрдү сураңыз:

- Башка балдарча баса албаган же чуркай албаган, сүйлөй албаган же ойной албаган балдарды билесиңерби?
- Эмне үчүн ошол бала силер кылганды кыла албайт?
- Ал ушунусу үчүн күнөөлүүбү?
- Башка балдар ага кандай мамиле кылышат? Алар ага боорукер мамиле кылышабы? Аны таарынтышпайбы? Шылдыңдашпайбы? Оюндарына кошобу?
- Эгер силер анын ордунда болсоңор, өзүңөрдү кандай сезмексиңер? Башка балдар силерге кандай мамиле кыларын каалайт элеңер? Алар силерди шылдыңдай берүүсүн, силерди көрмөксөн болуусун, силерди улам аяй берүүсүн каалайт белеңер, же силерди оюндарына, башка өз ара аракеттешүүлөрүнө кабыл алуусунбу жана силер менен дос болуусунбу?




### Оюндар жана театрлаштырып көрсөтүү ыкмалары

Эгер балдар өздөрүн ден соолук бузулуусу бар баланын ордуна коюп көрүшсө, аны жакшыраак түшүнө алышат. **Алардын бири кандайдыр бир бузулуусу бар адамдын ролун аткарышы менен коштолгон жагдайды сахналаштырып көрсөтсө** болот.



Мисалы, баланын бутуна узунунан таяк байлагыла. Андан кийин ал чуркоону талап кылган оюнга (мисалы, кубалашма) катышып көрсүн.

Балдар бул балага ар түрдүү мамиле кылышсын: бири досундай мамиле кылсын, бири аны көрмөксөн болсун, бири аны шылдыңдасын, бири ага жардам берсин, бири оюндарына кошулууга чакырсын. Балдар мындай жагдайлар кандай болушу мүмкүн экенин өздөрү чечишип, аларды сахналаштырып аткарышсын.



Бир нече мүнөттөн кийин ден соолук бузулуусу бар баланын ролун кийинки бала аткара баштаса болот. Балдар бул ролду кезектешип аткарышсын. Ойнолуп жаткан бузулууну мүмкүн болушунча чын болгондой аткарууга аракет кылгыла.

Андан соң оорулуу баланын турмушун жеңилдетүүгө балдар кантип жардам бере аларын алардан сураңыз. Балдардын сунуштарын сахналаштырып коюу жолу аркылуу “иш жүзүндө” текшерип көрүңүз. Мисалы:



Балдар оор физикалык бузулуулар “эмнеге окшош болорун сезүү” ыкмаларын деле ойлоп чыгара алышат. Мисалы, буттары дээрлик иштебеген бала өзүн кандай сезерин түшүнүү үчүн, алар арасынан бирөөнүн буттарын, сүрөттөгүдөй кылып, бир бирине бириктирип байлап көрүшсө болот.







Андан соң балдар бул баладан күндөн күнгө аткарып турган иш аракеттерин (үйүнөн ары-бери которулуу, дааратканага баруу, мектепке баруу) буттары байланган абалында кайталоосун өтүнүшсүн.




“Эксперимент жасаган” баладан ал кандай кыйынчылыктарга кабылганын сурагандан кийин, балдар анын ары-бери которулуусун жеңилдетүүнүн кандай жолдору бар экени жөнүндө ойлонуп көрүшсө болот.










**Эскертме.** Эгер балдарга аладын мугалими же ата-энелери жардам берсе, алар ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар үчүн жөнөкөй дөңгөлөктүү отургуч же каалаган башка көмөкчү жасалгасын жасап бере алышат. Бул китептин 3-бөлүгүндө жөнөкөй түзүлүштүү мындай жасалгалар келтирилген.

**ЭСИҢИЗДЕ БОЛСУН!** Демейде балдар оор формадагы физикалык бузулуулары бар балдарга боорукер мамиле кылышат. Ал эми орой мамилени алар ден соолук көйгөйү анчалык олуттуу эмес болгон (мисалы, аксаган) балдарга кылышат.

Айылында жашаган оорулуу балдардын тиричилигиндеги кыйынчылыктарды түшүнүүсүнө балдарга жардам берүүгө аракет кылыңыз.

Мисалы, эгер айылда тизелери дайыма бир бирине жабышып тургандыктан ары-бери эптеп-септеп жылган, спастикасы бар бала бар болсо, балдардын бирөөнө тизелерин бир бирине байлап алып, ары-бери басып көрүүнү сунуш кылыңыз. Тизелерди автоунаанын камерасынан узун кесим менен байласа болот.







Денесинин тең салмактыгын сактоо функциясы бузулган (церебралдык шалдыкта орун алат) балага канчалык оор болорун түшүнүү үчүн, балдардын бирөөнө асылган такта (же кыймылдап турган башка бет) боюнча ары-бери басууну сунуш кылыңыз.




Эгер айылда артрити бар бала жашаса, ал басканда эмнени сезерин элестетүүнү каалаган балдар бут кийимине бир нече таш салып же аларды таманына байлап алып басып көрүшсө болот. Андан кийин балдарга ары-бери чуркап келүүнү же оюн ойноону сунуш кылыңыз. Андан соң, артрит менен ооругандар эмне үчүн оюндарга катышуудан баш тартарын алардан сурап көрүңүз.

Балдар колдорун алардай пайдалана албаган кимдир бирөөнү билет бекенин **алардан сураңыз.** Эгер балдар билебиз деп жооп беришсе, ошол баланын тиричилигинде кандай кыйынчылыктары болорун элестүүгө аларга жардам бериңиз. Балдар бул тапшырманы эки-экиден бөлүнүп алып аткарышсын.

Бирөө экинчисинин манжаларын кездеменин узун кесимдери менен ал аларды такыр кыймылдата албагандай кылып ороп таңсын.




**Эми, бала таңылып турган манжалары менен төмөнкүлөрдү аткарып көрсүн:**

- жазсын
- китептин барагын оодарсын
- чыныга суу куйсун
- тамактансын
- чөнтөгүнөн бир нерсе алып чыксын
- көйнөгүнүн топчусун топчуласын



Балдар мындай кыймыл аракеттерди кантип жеңилдетсе болору жөнүндө ойлонушсун. Мисалы, калемди же кашыкты кармоону жеңилдетүү үчүн, аны кездеменин же велосипеддин камерасынын кесими менен ороп таңып койсо болот.



**Эскертме.** 223- жана 330-беттерде колдорунун кыймылдоо ийкемдиги чектелүү болгон адамдар үчүн идеялар жана көмөкчү жасалгалар келтирилген.

кийимди топчулоого жардам берүүчү жасалга (335-бет)

# Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар эмнени жакшы кыла алышат

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү бала **бардыгын** дени соо балдардай жакшы кыла албайт. Бирок көп учурда ал **кээ бир нерселерди** башкалардай эле же атүгүл алардан да мыктыраак кыла алат. Буга мисалдарды келтирип көрүүнү балдарга сунуш кылыңыз.




Буттары алсыз болгондуктан балдактарга таянып жүрүүгө аргасыз баланын колдору көпчүлүк учурда абдан күчтүү болот.

Көздөрү көрбөгөндөрдүн кулактары сонун угат.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү баланы аяп отура берүүнүн жана анын алсыздыктарына гана токтолуунун ордуна, **баланын күчтүү жактарына өзгөчө көңүл буруу жана аларды бекемдөөсүнө аны ар түрдүү жолдор менен кызыктыруу алда канча артык.**

БАРДЫК БАЛДАРГА КАЙРЫЛУУ:

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү бала досторго абдан муктаж. Ал силер сыяктуу эле ойногонду жана көңүл ачканды жакшы көрөт. Мындай баланы бардык оюндарыңарга жана "кылык-жоруктарыңарга" кошуп турууга аракет кылгыла. Ал өзү кыла ала турган нерсенин баарын кыла берүүсүнө ага мүмкүндүк бергиле. Жардамга муктаж болгондо гана ага жардам бергиле. Бирок силер кыла алгандын баарын ал аткара албарын эсиңерден чыгарбагыла. Аны кооптуу нерселерден коргогула... бирок аша чаппагыла! Ашыкча камкордук ар бир баланын ден соолугу үчүн зыяндуу. Дененин өсүүсү үчүн тамак керек болгондой эле, бала зээйректигин өрчүтүүсү үчүн, "кылык-жоруктарга" катышып турушу керек.





Ырахмат!




## Сууда сүзүү

Буттары алсыз же ***шал болуп калган*** балдардын көбүнө сууда жакшы сүзүүнү үйрөтсө болот. Алар балдактарга таянып баскандыктан, колдору абдан күчтүү болуп калат, жана алар сууда өздөрүн жакшы кармай алышат. Бирок көп учурда алар сууга жете албай кыйналышат, ал эми айланасындагылар жардамын сунуш кылууну унутуп коюшат.


Өзгөчө кейгейү бар балага жылуу сөз айтуу, аны жоро-жолдоштук тобуңарга кошулууга чакыруу, ага бир аз болсо да убакыт жана көңүл бөлүү – ушундай нерселер бардыгын өзгөртүшү мүмкүн – жана ар биринин маанайы көтөрүлөт.



## Сахналаштырып көрсөтүү жана балдар театры

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар ойноп жаткан балдарга кошулуп ойной алуусу алар үчүн абдан маанилүү экенин дени соо балдар түшүнүшү үчүн, балдар төмөнкү сүрөттөрдөгүдөй сахналаштырылган көрсөтүүлөрдү колдонушса болот. Көрсөтүүлөрдөн кийин, өзгөчө көйгөйү бар балага жана балдардын калгандарына коюлган бул 2 көрсөтүүнүн кайсынысы көбүрөөк жакканын жана эмне себептен жакканын бардыгы чогулуп талкуулашса болот.




Ахойя (Мексика) айылындагы балдардын сүрөттөрү

Же болбосо, балдар конкреттүү бир көйгөйдү чечүүгө, кандайдыр бир тоскоолдуктан өтүүгө же олуттуу кыйынчылыкка жооп берүүгө аракет кылууну сүрөттөгөн жагдайды сахналаштырып коюшса болот.

Мисалы, колдору такыр баш ийбеген бир кичинекей кыз бар. Бирок ал башын жакшы бура алат жана бир бутун кыймылдата алат. Балдар чогулуп, кызга жазганды үйрөтүүнүн жолун таба алышабы? Балдар 3 же 4 кишиден турган топторго бөлүнүшүп, бул көйгөйдү чечүүнүн жолун топторунда ойлоп чыгарууга аракет кылышсын.

Биринчи топ кызга башынын жардамы менен жазганды,



экинчи топ – калемди тиштеп алып жазганды,




үчүнчү топ – соо буту менен жазганды сунуштаса болот.




Ушинтип, балдар ойлоп чыгаруу жөндөмдүүлүктөрүн ар түрдүү оор жагдайлардан чыгуу жолдорун табуу үчүн пайдалана башташат.

Балдар кайсы бир жагдайды абдан мыкты сахналаштырып койгондон кийин же ал аркылуу маанилүү нерселерди артыкча так көрсөтө алгандан кийин андан ары жыла берсе болот. Балдар маанилүү маалыматтарды камтыган окуяларды мектебиндеги башка класстарга, ата-энелерге, жергиликтүү ден соолук борборунда жана коомчосунун бардык тургундарына сахналаштырып көрсөтүшсө болот.

(456–461-беттерде, Мексикадагы Ахойя айылында мектеп окуучулары коомчосундагы медициналык-санитардык кызматчылар жана реабилитологдор менен биригип, түрдүү жагдайларды сахналаштырып көрсөткөнүнүн 2 мисалы келтирилген.)

## Жаңы түшүнүүбүздү иш жүзүндө кантип колдонсок болот?

Биргелешип талкуулоо, сахналаштырып көрсөтүү жана окуяларды баяндоо жолдору аркылуу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн жакшыраак түшүнгөн соң, балдар бул жаңы билимин иш жүзүндө колдонушса болот.

Айылында же жакынкы айланада белгилүү бир ден соолук бузулуусу бар же өзгөчө кыйынчылыктардан жапаа чеккен баланы билер-билберин балдардан сураңыз.

Андан кийин балдар ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын ар бирине мүмкүн болушунча бактылуу, өз алдынча болуусуна жана өзүнө ишенүүсүнө кантип жардам бере аларын алар менен талкуулаңыз. Балдар мындай бузулуулары бар балдардын ар бири үчүн өз сунуштарын санап беришсе болот. Кийин бала жана анын үй-бүлөсү менен жакыныраак таанышкандан кийин алар өз сунуштарын өзгөртсө же толуктаса болот.

Эгер бул топтогу окуучулардын биринин бир тууганы ден соолук мүмкүнчүлүктөрүн чектеген илдеттен жапаа чексе, балдар үчүн ушул балага жана анын үй-бүлөсүнө жардам берүүдөн баштоо жеңилирээк болот. Эгер топтогу балдардын биринин да мындай балага жана анын үй-бүлөсүнө эч байланышы жок болсо, балдар жардамын сунуш кылып жатып, өтө этият болуулары керек. Мындай көйгөйү бар баланын үйүнө биринчи жолу балдардын баары эмес, адегенде эки же үч гана бала, мүмкүн, мугалими, коомчосундагы медициналык-санитардык кызматчы же реабилитолог менен чогуу барганы оң.

Балдар мындай баланын жана анын үй-бүлөсүнүн сунуштарын эске алууну унутпай, таасири боюнча эң майнаптуу жардам көрсөтүү варианттарын ойлонуштуруулары керек. Төмөндө келтирилген мисалдар силерге жардам бериши мүмкүн.

- Балдардын бири же бир нечеси ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балага жакын шерик, биргелеш оюндары боюнча жолдош жана дос боло алышат.
- Үйүнө дайыма (!) келип турушса болот.
- Ар түрдүү иштерин аткарышып, баланын жанында отуруп же ал менен сейилге чыгып, үй-бүлөсүнө жардам берип туруусу мүмкүн.
- Мындай баланын үйүнөн мектебине жана мектебинен кайра үйүнө жетип туруусун мүмкүн кылып беришсе болот.
- Мектепте балдардын бири же бир нечеси ага жолдош же жардамчы болушуп, оор жагдайларда дайыма ага жардамга келе алышат.
- Эгер мектепте окуу мындай бала үчүн мүмкүн эмес болсо, мектептеги сабактары бүткөндөн кийин балдар аны үйүнөн окутууну уюштурушса болот. Мугалимден ага окуу программасын түзүп берүүнү өтүнгүлө.
- Баланы оюндарыңарга кошуп турууга мүмкүнчүлүк тапкыла.
- Ага пайдалуу оюнчуктарды жасап бергиле жана ал менен чогуу ойногула (467–476-беттерди караңыз).




ЭСИҢЕРДЕ БОЛСУН! АГА ДАЙЫМА ДОСУНДАЙ БОЛУҢУЗ!

- “Реабилитациялык оюн аянтчасын” же “бардык балдар үчүн оюн аянтчасын” тургузгула. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды анда ойноого дайыма алып барып тургула жана алар менен өзүңөр ойноп тургула.

- Конкреттүү баланын муктаждыктарына жооп берген, татаал эмес, ойноо үчүн жасалга даярдап, аны баланын үйүнүн жанына орноткула.

- Реабилитолог же ата-энеси менен кеңешип, балага көнүгүүлөрдү аткаруусуна же ага кам көрүшүп жардам берүүнү үйрөнгүлө.

- Оорулуу балдар үчүн, балдактар, кум салынчу баштыкчалар, ортопедиялык аппараттар жана атүгүл жөнөкөй дөңгөлөктүү отургучтар сыяктуу атайын жасалгаларды даярдоодо жардам берсеңер болот. Бул маселелер боюнча реабилитологдон кеңеш алууга аракет кылгыла. Эгер керек болуп жаткан нерсени жасоо оор болсо, балдар ата-энелерин жардамга чакырышса болот. Балким алардын ичинен усталар табылып, силер жасай албай жаткан нерсени алар жасашат. Аларга кайрылгыла.

- 428-беттеги кеңештерди аткаруу же айылыңарда кимдир бирөө денесинин бир жерин кокустатып алуусуна жана башка кырсыктарга жеткирбөөгө багытталган башка чараларды көрүү аркылуу “алдын алуучу демилгечилер” болгула.

- Эгер айылыңарда реабилитациялык борбор бар болсо, мектептеги сабактарынан кийин балдар кезектешип, өз ыктыярлуу жардамчылар катары борбордо жардам беришип, ал жерден көптү үйрөнүшсө болот. Жардам берүүнүн көп жолдору жана силер үйрөнө турган далай нерселер бар. Абдан кызыкдар болгондор реабилитациялык программада кенже кызматчылар катары эмгектенишсе болот.



Даракка сүрөттө көрсөтүлгөндөй байланган аркан буттары алсыз балага басканды үйрөнүүсүнө жардам бериши мүмкүн. Аркан менен алышуу анын көңүлүн ачат!

## Оор формадагы ден соолук бузулуулары бар балдар

Оор формадагы ден соолук бузулуулары бар балдардын айрымдары баса алышпайт, сууда сүзө алышпайт, далай оюндарды ойной алышпайт. Бирок кээде мындай балдар кичине таштар, карталар же табышмак оюндарды ойноону үйрөнө алышат.

Жаңы нерселерге үйрөнүү башка балдардай оңой сүйлөй же түшүнө албаган балдар үчүн өзгөчө оор болот. Мындай бала өзүн абдан жалгыз сезиши мүмкүн. Кээде бала атүгүл сүйлөй албаса да, ал айланасындагылар ойлогондон кыйла көбүрөөктү түшүнөт. Эгер силердин жаныңарда ушундай бала жашаса, балдар аны менен сүйлөшүп же ойноп туруу үчүн анын үйүнө кезектешип келип турушун уюштургула. Ал жалгыз эмес экенин ага жеткиргиле.

## Өнүгүп-өрчүүсүндө артта калган бөбөктөр

Кээде бөбөк курбуларына салыштырмалуу жайыраак өрчүйт. Акыл-эси же физикалык өнгүүсүндө артта калышы мүмкүн, кээде бир эле убакта акыл-эси өнүгүүсүндө да, физикалык өнүгүүсүндө да артта калат. Мындай бала анын курагындагы башка балдарга салыштырмалуу кечирээк отуруп, колдорун пайдаланып, төрт аяктап жөргөлөп же сүйлөп баштайт.

**Өнүгүүсүндө артта калган бөбөктөр өзгөчө камкордукка муктаж.** Эгер мүмкүн болсо, мындай балдардын ата-энелери реабилитолог же ***физиотерапевт*** менен кеңешүүгө тийиш. **Ошол эле убакта, алардын бир тууган эжелери, агалары жана башка балдар мындай балдар үчүн далай нерселерди кыла алышат.**


**Мындай бөбөктөр камкордукка** башка балдардан көбүрөөк **муктаж болушат.** Булар кимдир бирөө **алар менен ойноосуна,** ойноосуна жардам берүүсүнө же буга шыктандырып турусуна муктаж. Мындай балдарга, көңүлүн буруу үчүн, **добуш чыгарган жөнөкөй оюнчуктар жана кооз буюмдар** керек. Бул нерселер бөбөккө тезирээк өнүгүп-өрчүүсүнө жардам берет. Мындай бөбөктөр менен абдан **көп сүйлөшүп,** аларга **ыр ырдап** берип туруу керек. Мунун баары балдардын тезирээк өнүгүп-өрчүүсүнө шарт түзөт. Ушул иш чаралардын баарына башка балдарды да тартып катыштырса болот.

Мындан кийинки бөлүктө (442-бет) акыл-эсинин өрчүүсү артта калган же кандайдыр бир нерселерди түшүнө албай кыйналган балага кантип жардам берсе болору тууралуу кененирээк токтолобуз.

## Өнүгүүсүндө артта калган балага жаңы нерсе кылганды үйрөнүүсүнө кантип жардам берсе болот

Дени соо балдар өзгөчө көйгөйлөрү бар бөбөктөргө же кенже жолдошторуна жаңы нерселерди үйрөтүүнүн көптөгөн жолдору бар. Төмөндө айрым мисалдары келтирилди:

- **Үйрөтүү иш аракеттери көңүлдүү өтсүн!** Эгер көнүгүүнү оюнга айландырса, бала алда канча тезирээк үйрөнөт жана мындан бардык катышуучулар ырахат алат.
- **Өз алдынчалык.** Жардамды зарыл болгон өлчөмүндө гана берүү керек. Бала аткара ала турган нерселерди өз алдынча аткарууну үйрөнүүсүнө аны кызыктыргыла.
- **Бара-бара илгерилөө.** Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү бала үчүн айрым нерселерди кылуу өзгөчө татаал болуусун унутпагыла. Ар бир жолу улам мурдагыдан бир аз көбүрөөктү аткаруу ыкмасын колдонуу аркылуу ага алдыга бара-бара илгерилөөнү үйрөткүлө. Эгер өтө көптү аткаруусуна баланы мажбурласаңар, ал аны аткара албай, андан жадап, такыр аракет кылбай калышы мүмкүн.
- **Силерге баары бир эмес экенин балага көрсөткүлө.** Бир нерсе анын колунан келгенде, буга кубанганыңарды катпагыла. Бала баарын туура аткарганда жана аракеттенип жатканы үчүн аны мактап тургула.
- **Акыл-эс жана дене.** Физикалык мүмкүнчүлүктөрүн эле эмес, акыл-эсин да өрчүтүүсүнө ага жардам бергендей кылып бала менен көп-көп ойноп тургула. Аны менен сүйлөшүп, ага түркүн-түркүн окуяларды баяндап берип тургула. Ага дос болгула.




Чочоюп отуруп алып заңдай албай кыйналган бала эки ача бутакка орнотулган шыргыйды карманып алса, өзүнө ишеними жогорулайт.

**МИСАЛ:** Пабло төрт аяктап жөргөлөөнү үйрөнө албай жатат. Жогоруда келтирилген кеңештерди пайдаланып, биз ага кантип жардам бере алабыз? Паблонун агалары жана эжелери же башка балдар аны менен төрт аяктап жөргөлөөнү талап кылган ар түрдүү оюндарды ойношсо болот.



Балага ушинтип ары-бери жылганды үйрөтүү учурунда анын салмагын эки бала «өздөрүнө алып» жардам беришсе болот. Ошол эле учурда үчүнчү бала анын алдында мөмөнү же оюнчукту кармап, аны алдыга жылууга кызыктырат. Мөмөгө жетүүсүнө улам баланы үндөп, аракет кылганда, аны мактап туруу керек.

Бала менен күнүгө ойноп тургула. Ал улам күчкө толгон сайын, аны кармап жардам берүү зарылдыгы ошончолук азаят. Убагы келгенде, ал башка бирөөнүн жардамысыз эле төрт аяктап жөргөлөп калат.



Балдар төрт аяктап жөргөлөө оюнун ойноп жатышат (Мексика).

> **Эскертме.** Китептин биринчи бөлүгүнөн, айрыкча 34- жана 35-бөлүмдөрдөн балдар өнүгүүсүндө артта калган балдарга кантип жардам берсе болору боюнча бир кыйла көбүрөөк сунуштарды табууга болот.

## Түрдүү окуяларды айтып бергиле

Бул – ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле, аларга жардам берүү үчүн эмне кылуу керектигин жаштар түшүнүүсүнө жардам берүүнүн дагы бир мыкты ыкмасы. Мындай окуяларды оюңардан чыгарсаңар деле болот. Бирок ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар турмушунда көрүнүктүү нерселерге чынында жеткени же буга окшогон көйгөйү бар баланын турмушун балдар биригип жакшы жакка өзгөрткөндүгү жөнүндөгү окуяларды айтап берген артыгыраак. Кийинки беттеги окуя буга жакшы мисал.

**“БАЛА балага” программасынын алкагында пайдаланылган окуя**
**(“Өзгөчө көйгөйлөрү бар балдарды кантип түшүнсө болот?» аттуу жыйнагынан алынды)**

ТОМАС ЖАНА БАШКА БАЛДАР ЖУЛИЯГА МЕКТЕПТЕ ОКУУСУНА КАНТИП ЖАРДАМ БЕРИШКЕН

Жулия толук 7 жашка толсо да, анын дүйнөсү “алаканына бата тургандай” абдан кичине эле. Ал айылында дээрлик эч нерсени көргөн эмес. Аны бир жакка алып барган эч ким болбоду. Үй-бүлөсү менен чогуу турган тамдын айланасында өскөн бадалдардан ары бир да жолу жөргөлөп өткөн эмес.

Жулия 3 баланын эң улуусу эле. Анын үй-бүлөсү турган там Белла деп аталган айылдын алыскы четинде жайгашкан. Алардын тамын айылдагы башкы жол менен узун, ылдыйышка чукул, таштак жалгыз аяк жол байланыштырчу эле. Айылга келген медициналык кызматкерлер Жулияны анын биринчи жылында ***эмдебей*** калганынын себеби балким ушунда.

Башында Жулия дени соо жана ыкчам кыймылдаган бала эле. 10 айлык куракта ал бир нече секунд өз алдынча тура алчу жана “апа”, ата”, “вава” (сууну билдирет) деп айта алчу. Бирөө аны атынан чакырганда, Жулиянын жүзүндө чоң жылмаюу пайда болчу. Ата-энеси кызы менен сыймыктанып, аны өтө эле эркелетип жиберишкен.




Капыстан бир күнү Жулия ооруп калат. Башында бул ысытма жана ичөткөк менен коштолгон катуу суук тийүүгө окшошкон. Апасы кызын шаардагы доктурга алып барат. Доктур кыздын сол жамбашына ийне сайып, дары берген. Бир нече күндөн кийин Жулиянын ахывалы ого бетер начарлаган. Адегенде кыздын сол буту, анан аркасы жана акырында эки колу жана экинчи буту ооруп баштаган. Көп өтпөй кыздын бүтүндөй денеси алсыз болуп кеткен. Ал сол бутун такыр кыймылдата албай калган, ал эми оң бутун бир аз гана кыймылдууга жөндөмдүү болгон. Бир нече күндөн кийин ысытма менен сыркоолоо токтогон, бирок алсыздык, айрыкча, буттарда сакталып калган. Шаардагы доктур бул полиомиелит экенин жана кыздын буттарындагы алсыздык өмүр бою сакталат деп айткан.

Жулиянын ата-энеси кайгыга батышты. Ал кезде, айылында да, жакынкы шаарларда да, оорулуу балдарды реабилитациялап иштеген эч ким болгон эмес. Андыктан, анын ата-энеси Жулияга өздөрү кам көрүп, колунан келгендин баарын жасап турушту. Убагында Жулия жөргөлөгөндү үйрөндү. Бирок ал өз алдынча кийинип жана өзүн тейлей алчу эмес. Ата-энеси кызын аяп, бардыгын анын ордуна кылып берчү. Бул көп убакытты жана күч-кубатты талап кылган.

Жулия 3кө толгондо, ал инилүү болгон. Ата-энеси кызына мурдагыдай көңүл бура албай калган. Жулиянын иниси ден соолугу чың, чыйрак жана шайыр бала болуп өсүп жатты. Эми ата-энеси келечекке болгон бардык үмүт-тилектерин Жулиянын иниси менен байланыштыра баштагандай сезилди. Алар Жулияга мурдагыдан азыраак көңүл буруп, аны менен анда-санда гана ойноп, аны айылга бир да жолу алып барышкан жок. Чогуу ойноо үчүн, инисинен тышкары Жулиянын достору жок эле. Кээде, себепсиз эле, Жулия инисин чымчылап ыйлатып койчу. Андыктан ата-энеси Жулияга инисин алып отурууга же аны менен ойноого уруксат беришкен эмес.

Жулия улам жоошуп, капалуу болуп кеткен. Кызы мурда кандай жандуу жана шайыр болгонун ата-энеси эстеп, илдет анын акыл-эсин да жайында койгон жок деп ойлошту. Полиомиелиттен булчуңдар гана алсыз болуп каларын, ал эми акыл-эске анын таасири жок экенин доктур аларга айтканына карабастан, ата-энесинин күмөнү жоюлган жок.

Жулия 6га чыкканда, үй-бүлөдө үчүн бала – кыз төрөлдү. Жулия ого бетер капалуу болуп кетти. Убактысынын басымдуу бөлүгүн ал тамынын артында жерде таякча менен ар түрдүү сүрөттөрдү чиймелеп өткөрүп жүрдү. Ал жөжөлөрдү, эшектерди, дарактарды, гүлдөрдү, үйлөрдү, адамдарды, суу ташылчу кумураларды жана атүгүл мүйүздөрү чукчуюп турган, узун куйруктуу шайтандарды тартчу. Сүрөттү, курагы үчүн, Жулия абдан сонун тартчу! Бирок муну байкаган эч ким болбоду. Үй-бүлөдө дагы бир бала пайда болгондуктан, апасы эми такыр бошобой калды.



Жулия 7ге чыкканда, мугалимдер коңшу айылдан келген медициналык-санитардык кызматчынын жетекчилиги астында мектепте «БАЛА балага» программасын жүргүзө башташты. Бир класста окуган балдар биринчи эки жыл бою бул программанын “Өзгөчө көйгөйлөрү бар балдарды кантип түшүнсө болот?” деген аталыштагы бөлүгүн өтүштү.

Балдардын көпчүлүгү айылында турган, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгон бир гана баланы билишчү. Бул Томас деген аттуу бала болчу. Ал балдактарына таянып, жулкунуп кескин кыймылдоонун жардамы менен ары-бери жылып жүрчү. Кээде анын бир колу да адамды таң калтырып жулкунуп турчу. Мындан тышкары, Томас, айрыкча, толкунданганда, так сүйлөй алчу эмес. Бирок буга карабастан, ага эч кимдин жардамы кереги жоктой эле сезилчү. Ал 4-класска ийгиликтүү өтүп, сабакты жакшы окуган. Томастын достору көп болгон. Ал бардык жерлерге өзү эле барып, өзү үчүн дээрлик бардыгын, атүгүл, оор болгондо да, өзү кылчу. Бардыгы ага сый-урмат менен мамиле кылышып, көп учурларда анын физикалык бузулууларын унутуп коюшчу.

Капысынан бир бала: “Айылдын алыскы четинде жайгашкан үйдө дагы бир кыз бар. Ал төрт аяктап алып ары-бери жылат, бирок көбүнчө үйүнүн короосунда отура берет. Ал ар дайым абдан капалуу көрүнөт! Мен анын атын билбейм, бирок кебетесине караганда мектепте окуу курагына келген!” – деп эстей калды.

“Келгиле, аны мектебибизге чакырабыз!” – деп балдардын бири сунуш кылды.

“Ал баса албаса, кантип келмек эле?!” – деп балдардын бирөө таң калды.

“Биз аны арабага отургузуп алып келсек болот!”

“Жок! Болбойт, анткени анын үйүнө барган жол таштак жана анын ылдыйышы чукул”.

“Анда аны көтөрүп эле алып келели. Эгер баарыбыз бир көтөрсөк, оор деле болбойт”.

“Сүйлөштүк. Анда бүгүн түштөн кийин ага баралы!”

“Жакшы ой!”

Мектептеги сабактар бүткөндөн кийин 6 бала мугалими менен чогуу Жулиянын үйүнө келишти. Ал үйүнүн артында отурган жана үйгө кирүүдөн уялды. Ошондуктан анын апасы менен сүйлөшүп баштоого туура келди.


“Биз Жулия менен достошкубуз жана ага мектепте окуусуна жардам бергибиз келет” – дешти балдар.

Балдардын бул сөздөрүнө таң калган апасы: “Жулия мектепке кантип барат?! Ал баса албайт да!” – деп апасы көнбөдү.

“Биз аны мектепке көтөрүп алып жеткиребиз. Биз күнүгө эртең менен аны мектепке жеткирип, анан сабактардан кийин кайра үйүнө алып келип турабыз. Мектеп алыс деле эмес” – деп балдар сунуш кылышты.

“Бардык классыбыз болуп кызыңызга жардам берип турабыз. Мен дагы.” – деп мугалим сөзгө кошулду.

“Силер түшүнбөй жатасыңар, – деп жооп берди апасы. – Менин кызым башка балдардай эмес, балдар аны шылдыңдай беришет. Жулия өзү абдан уялчаак, чоочундар арасында атүгүл оозун ачпайт. Мындан тышкары, мектеп ага кандайча жардам берерин элестете албай жатам”.



Жулия сыяктуу балдар мектепте окуусу өтө маанилүү экенин мугалим кыздын апасына түшүндүрүүгө аракет кылып жатты. Балдар Жулияга дос болушарына жана ага жардам берип турарына сөз беришти, бирок апасы башын чайкап, алар менен менен макул болбоду.

“Сиз кандай ойлойсуз? Жулия өзү мектепте окууну каалайбы?” – деп мугалим сурады.

Кыздын апасы чарчаган түр менен үшкүрүп, каалганын артында конокторду аңдып турган кызына бурулуп: “Жулия, алтыным, сен мектепте окугуң келеби?” – деп сурады.

Жулиянын көздөрү бакырайып, “жок, жок, жок” деп башын чайкап, каалганын артына жашынып калды.

“Көрдүңөрбү?! – деди апасы. – Мектепке баруунун Жулия үчүн эч мааниси жок. Ал эми менин жумуштарым чачтан көп, ошондуктан кечирип койгула, иштеримди кылышым керек. Менин байкум кызымды эстегениңер үчүн ыраазымын”.

“Суранабыз, дагы бир жолу ойлонуп көрүңүзчү! – деп айтты мугалим, балдар менен чогуу үйдөн чыгып бара жатып. – Балким, бир айласын табарсыз. Бизге убактыңызды бөлгөнүңүз үчүн ырахмат!”

Жулиянын апасы: “Жакшы баргыла!” деди да, анан иштерине кайтты.

Эртеси мугалим класска келип, кыздын үйүнө кечээ баргандарын жана ал жерде эмне болгонун балдар менен талкуулай баштады.

“Бул программаны ишке киргизүү оңой эле болот деп ойлогом, – деди балдардын бири. – Бирок аны иш жүзүндө аткаруу оңой эмес экен”.

“Ооба, туура айтасың”, – деп мугалим анын сөздөрүн ырастады.

“Кандай болболсун, – деп сөзгө кошулду Жулиянын үйүнө чогуу барган кыз. – Биз бул жерде чыдамкайлыгыбызды көрсөтүшүбүз керек. Жулия кечээ бизди кантип караганы эсиңердеби? Ал бизден абдан корккондунан улам титиреп жатты. Бирок ошол эле учурда Жулия үчүн маегибиз кызыктуу да болуп жатты. Мага ал өзүн абдан жалгыз сезгендей көрүндү!”


“Мындай жагдайда биздин колубуздан эмне келет? Менимче, апасы алардын үйүнө биздин кайра барuубузду жактырбайт”.

Узакка созулган жымжырттык орноду. Андан кийин балдардын бири мындай деди: “Менде бир ой бар! Томас менен сүйлөшөлү. Анын окшош көйгөйү бар эмеспи, бирок ал мектепке барат жана анда абдан жакшы окуйт. Балким, ал бизге жардам берер?”

Ошентип, биринчи жана экинчи класстарда окуган бир нече бала сабактардан кийин, 4-класста окуган Томас менен жолугушуу үчүн калышты. Алар Томаска Жулия тууралуу жана анын үйүнө барганда эмне болгонун айтып беришти.

“Сен мектепте кантип окуп калдың эле, Томас? – деп балдар сурашты. – Корктуң беле? Сенин ата-энең да сени мектепке коё бергиси келген жок беле? Балдар сени шылдыңдашты беле?”

Томас күлүп жиберди. “Суроолоруңарды кезектешип бергиле, – деп ал жай сүйлөдү. Томастын оозу кыйшайып, анын сөздөрүнүн маанисин түшүнүү кээде оор болуп жатты. – Кана, мага тигил дарактын астына отурууга жардам бергиле.” Томас балдактарына таянып, ошол даракты көздөй басты. Балдар ага отурууга жардам беришти. (Томас анын муундары начар бүгүлөрүн жана отуруу үчүн аларды бүгөйүн дегенде алар бүгүлбөй коёрун балдарга түшүндүрдү.) Томас даракка аркасы менен жөлөнүп отуруп, суроолорго жооп бере баштады.




“Башында мен мектепке баруудан аябай коркком, – деп баштады Томас. – Менин ата-энем да мени мектепке жибергиси келишкен эмес. Мектепте мени балдар шылдыңдашат, тарынтып коюшат жана мага оор болот деп абдан чочулашкан. Бирок баарыбызды чоң энем көндүргөн. Мен дыйканчылык менен жанымды бага албайм, андан көрө башты колдонуп жан бакканды үйрөнүп алуум керек деп чоң энем айткан. Мен анын айтканын аткардым”.

“Сен чоңойгондо, ким болгуң келет?” – деп балдардын бири сурап калды.

“Мен медицина тармагында иштесем деп ойлойм, – деди Томас. – Мен адамдарга жардам бергим келет”.

“Сен мектепке барганда, балдар сени шылдыңдашты беле?”

Томас кабагын бүркөп: “Жок, анча деле эмес. Бирок алар мага кандай мамиле кылуу керектигин билбегендиктен жөн гана мага көңүл бурушкан жок. Мен аларды караган жокмун деп ойлошкондо, алар мени абдан карашчу, ал эми мен аларды уккан жокмун деп эсептешкенде, алар менин сүйлөө адатымды туурашчу. Бирок мен аларды көрүп да, угуп да турам деп ойлошкондо, мен алар үчүн такыр жоктой болуп калчумун. Мен буга абдан таарынып жүрдүм. Мен эмне жөнүндө ойлонуп жатканымды, эмне кыла аларымды, алар менен ойногум келип жаткан-жатпаганын балдар менден бир да жолу сурашкан жок. Чынында жалгыз болгондогуга салыштымалуу мен ошол балдардын жанында болгондо, өзүмдү көбүрөөк жалгыз сезчүмүн”.

“Бирок азыр сенин досторуң абдан көп го! Сен балдардын баары менен эле доссуң го. Буга кантип жетиштиң?”

“Билбейм, – деп жооп берди Томас. – Балдар мага көнүп калышты окшойт жана сүйлөө адатым күлкүнү келтирсе да, мен алардан анчалык деле айырмаланбаганымды алар байкай баштады көрүнөт. Мектепте жакшы окуум да мага жардам берет. Мен китеп окуганды жакшы көрөм. Колума тийгендин баарын эле окуй берем. Класста кимдир бирөө бир нерсени окуй албай же бир нерсени түшүнө албай жатса, мен аларга жардам берип турам. Мага башкаларга жардам берүү жагат. Балдар менин басканымды көрүп, башында мага “деңиз чаяны” деген ат коюшкан. Бирок азыр алар мени “профессор” деп коюшат, анткени мен балдарга сабактарын кылуусуна жардам берем”.

“Биринчи жолу, сага коюлган ат сенин ден соолук бузулууңа байланыштуу, экинчи жолу, сага коюлган ат колуңан жакшы келген нерсеге байланыштуу экен, – деп байкады бир кыз. – Сен эмне маанилүүрөөк экенин аларга көрсөтүптүрсүң”.

Жылмайганынан улам Томастын оозу бир аз кыйшайып, буттары ырахаттануудан титиреди. “Мага Жулия тууралуу айтып бергилечи”, – деп Томас суранды.

Балдар кылган аракети жөнүндө ага айтып беришти: “Биз болушунча аракет кылдык, бирок Жулиянын апасы аны мектепке жибергиси жок. Жулия да мектепке баргысы келген жок. Биз эмне кылууну билбей жатабыз. Сен бизге кандай сунуш бересиң, Томас?”

“Ата-энемди алып, мен өзүм Жулияга барат окшойм. Ата-энем анын ата-энесин көндүрүүгө аракет кылышат, ал эми мен Жулия менен достошууга аракет кылам”.

Кийинки жекшембиде, Томастын атасынын дем алыш күнү, Томас ата-энесинен чогуу Жулиянын үйүнө барып келүүнү өтүндү. Түштө алар кыздын үйүнө келишти. Жулиянын апасы жана атасы башка эки кенже баласы менен үйүнүн алдында көлөкөдө отурушуптур. Кыздын атасы балта курчутуп жаткан. Алар эки чоң кишинин коштоосунда үйүн көздөй балдактарга таянып алып келе жаткан баланы көрүп таң калышты.

Жулиянын үйүнө алып баруучу жалгыз аяк жол тегиз эмес жана таштак экен. Үйгө бир нече метр калганда, Томас чалынып жерге жыгылды. Жулиянын атасы балага жардамга шашты.

“Бир жериңди катуу оорутуп алган жоксуңбу?” – деп, турууга жардам берип жатып, ал баладан сурады.

“Жок, - деп күлүп жиберди Томас. – Мен жыгылганга көнүп бүткөм. Мен бир жеримди оорутпай жыгылганды үйрөнүп алгам. Биз силердикине Жулия тууралуу сүйлөшөлү деп келдик. Бул менин ата-энем”.

“Киргиле” – деп кыздын атасы үйгө чакырды. Ата-энелер бир бири менен учурашып, баары үйгө кириштти.

Томастын ата-энеси Жулиянын ата-энеси менен сүйлөшүп жаткан маалда Томас Жулия менен сүйлөшүү мүмкүн бекенин кыздын ата-энесинен суранды. «Ал көчөдө, – деп Жулиянын апасы жооп берип, артындагы каалганы көздөй көрсөттү. – Бирок ал чоочундар менен сүйлөшпөйт. Ал чоочун адамдардан коркот!”

“Сүйлөшкүсү келбесе, мен аны мажбурлабайм”, – деп Томас жумшак үн менен, бирок Жулия уккандай айтты.

Томас үйдөн тышка чыгып, эңкейип алып, жерге сүрөт тартып отурган Жулияны көрдү. Кыз аны көздөй келе жаткан Томасти бир карап, кайрадан башын эңкейтти, бирок сүрөт тартууну уланткан жок.

Жерде түрдүү жаныбарлар, гүлдөр, адамдар жана атүгүл ажыдаарлар тартылыптыр. Жулия куштар отурган чоң уясы бар даракты тартып бүтүп калыптыр.

“Ушунун баарын өзүң тарттыңбы?” – деп Томас сурады. Жулия жооп бербеди жана титирей түштү.

“Сен сүрөттү абдан сонун тартат экенсиң! – деп кыздын сүрөттөрүнө сукتанып, Томас улантты. – Болгондо да сен сүрөттөрдү жөнөкөй чыбык менен эле тартыптырсың. Мурда карандаш менен кагазга тартып көрдүң беле?” Жулия үн катпады. Томас улантты: “Биздин мектепте сүрөттү эч ким сендей сонун тарта албайт деп мелдеше алам!” Жулия жерди тиктеп, титиреп, үн катпай дагы эле отура берди. Томас бир азга токтолуп, андан соң мындай деди: “Мен да сүрөттү сендей тарта алсам, сонун болмок! Сени буга ким үйрөткөн?”

Жулия башын жай көтөрүп, Томасты же, жок эле дегенде, анын денесинин төмөнкү бөлүгүн карады. Адегенде Жулиянын көз карашы Томастын ийрийип турган буттарына жана балдактарына токтолду, андан кийин жай ылдамдык менен ички бөлүгүндө каралжын чорлору бар тизелерине көтөрүлдү. Мындай чорлор, бала басканда, бул жерлери бир бирине сүрүлө бергендиктен улам пайда болгон.

“Сен эмне үчүн бул таяктар менен басасың?” – деп үн чыгарып, Жулия акыры сурады.

“Мен башкача баса албайм: буттарым мага баш ийбейт, буйруктарымды аткарбайт”.

Жулия башын көтөрүп, Томастын жүзүнө карады. Томас жылмаюуга аракет кылды, бирок анын оозу капталын карай кыйшая түштү.

“Сен эмне үчүн мынча күлкүнү келтирип сүйлөсүң?” – деп сурады Жулия.

“Себеби менин эриндерим жана оозум дайыма эле мен каалагандай кыймылдап бербейт”, - деп жооп берди Томас. Томас үчүн так сүйлөө демейкиден да кыйыныраак боло түшкөндөй сезилди.

Жулия андан көзүн албай карап турду. “Сага чын эле менин сүрөттөрүм жактыбы?” – деди ал.

“Ооба, – деп Томас сөздүн башка жакка бурулгандыгына сүйүнүп жооп берди. – Сенде Кудай берген жөндөм, чыныгы талант бар экен! Сен бул сүрөтчүлүк ийкемиңди сөзсүз андан ары өнүктүрүшүң керек. Бир күнү сен улуу сүрөтчү боло аласың деп мен каалаган адамың менен мелдеше алам!”

“Жок, – деп Жулия үшкүрүп башын чайкады. – Мен эч качан эч ким боло албайм. Мен атүгүл баса албайм. Мына карачы мени!, – деп кыз өзүнүн салаңдаган кичине буттарына көңүл бурду. – Менин буттарым сеникинен да жаман!”


“Бирок сен сүрөттөрдү буттарың менен эмес, колдоруң менен тартасың да!” – деп Томас толкундануу сезими менен үнүн катуу чыгара айтты.

Жулия күлүп жиберди: “Сен абдан күлкүлүү экенсиң! Сенин атың ким?”

“Томас”.

“Менин атым Жулия. Сен чын эле мени сүрөтчү боло алат деп ойлойсуңбу? Сен тамашалап жатат окшойсуң! Мен эч ким боло албайм. Муну баары эле билишет!”

“Мен тамашасы жок эле айтып жатам, Жулия, – деди Томас. – Мен бир журналдан куштарды тарткан сүрөтчү жөнүндө окугам. Анын сүрөттөрүн сатып алуу үчүн, дүйнөнүн бардык булуң-бурчтарынан адамдар атайын келишет экен. Ошол сүрөтчүнүн буттары эле эмес, колдору да толук шал делип жүрөт. Ал сүрөт тартуучу аспабын тиштери менен кысып алып тартат экен!”



“Башка нерселерди ал кантип кылат экен?” – деп кызыкты Жулия.

“Анысын билбейм, – деп жооп берди Томас. – Балким, ага башкалар жардам беришет. Бирок ал өзү деле далай нерселерди кыла алат экен. Журналда ал көптөгөн өлкөлөргө баргандыгы тууралуу да жазылган!”

“Ай иий! Айтчы, сен чындап эле мен сүрөтчү боло аларыма ишенесиңби?” – деп сурады Жулия.

Томас жердеги сүрөттөрдү дагы бир жолу карады. Ал чындап эле ушундай сонун сүрөттөрдү өзү тарта алгандай болгусу келип кетти. “Албетте, боло аласың!” – деп ал жооп берди.

“Сүрөтчү болууну мен эмнеден башташым керек?” – деп Жулия отурган жеринде ойдолоп сурады.

“Адегенде сен мектепке бара башташың керек!” – деп жооп берди Томас.

“Бирок кантип?” – деп Жулия өзүнүн буттарын карап, катуу үн чыгарып сурады.

“Бул анчалык деле кыйын эмес. Мектептеги балдардын баары сага жардам беребиз деп жатышат. Бирок бардыгынан мурун сен өзүң муну каалашың керек”.

“Мен коркуп жатам, – деди Жулия. – А сен өзүң мектепте окуйсуңбу?”

“Албетте”, – деп жооп берди Томас.

“Анда мен деле барам!”

Бул маалда үйдө Томастын ата-энеси Жулиянын ата-энесин кыз үчүн мектепте окуу абдан маанилүү экенине көндүрүүгө аракет кылып жатышты. Алар башында өздөрү Томасты мектепке жөнөткүлөрү келбегенин жана мектеп Томаска чоң жардам бергенин айтып беришти.

“Томастын мектептен алып жаткан билиминен тышкары, мектеп аны инсан катары кандай адам кылып жатканы да маанилүү. Ал өзүн урматтап-сыйлай баштады, анын өзүнө карата болгон көз карашы өзгөрдү” – деди Томастын апасы.

“Азыр биз да ал жөнүндө таптакыр башкача көз караштабыз, – деп Томастын атасы сөзгө кошулду. Томас жакшы окуйт – класстын эң мыкты окуучуларынын бири!”

Жулиянын атасы арсар болуп: “Силер айткандын бардыгы чын болгон кезде деле Жулия баары бир мектепке барууну каалабайт. Ал мектептен коркот. Көрдүңөрбү, анын илдети силердин баланыкындай...”

Капыстан, атасынын сөздөрүн бөлүп, арткы каалгада, колдоруна жана тизелерине таянып төрт аяктаган Жулия пайда болду. “Апа! Ата! – деп кыйкырды Жулия. – Мен мектепке барсам болобу? Мага уруксат бересиңерби? Суранам, уруксат бергилечи!”

Таң калганынан атасынын оозу ачылып калды. Анан ал жылмайып, макулдугун айтты.

Ошентип, кийинки күндөн тартып Жулия мектепке бара баштады. Балдар Жулиянын мектепке барарын Томастан угушуп, жекшемби күнү кечинде Жулия отура алгандай ага замбил жасашты. Балдардын бири мындай замбилди мурда тоодон жаракат алган киши түшүрүлгөндө көргөн экен: бул эки бекем узун баканга ортосунан бекем бекитилген жөнөкөй отургуч болчу. Балдар ишти күн кирер алдында бүтүшүп, эртеси эртең менен замбилди көтөрүп алып, Жулиянын үйүнө келишти. Жулияга дем берүү үчүн, Томас да кошо келген. Томас абдан толкунданып турганынан уламбы, жолдо 3 жолу жыгылды!

Жулия балдарды көргөндө корккомунан улам титиреп кетти. Ал атүгүл мектепке барбай эле койсомбу деп ойлой баштады. Бирок балдар көтөрүп келген атайын отургучту көргөндө, Жулия ага күчтүү колдорунун жардамы менен өзү эле чыгып отуруп алды. Жулия эмне болуп жатканын толук түшүнгүчө эле балдардын жардамы менен мектепке жетип калды!



Жулиянын мектептеги биринчи күнү жакшы өттү. Ал үчүн бардыгы жаңы болду. Балдар ага карата абдан жакшы мамиле кылышкандыктан Жулия коркуп жүргөн нерселеринин бардыгын дээрлик унутту. Балдар тарабынан көтөрүлүп, кайра үйүнө жеткирилип баратып, ал күлүп, тамашалап жатты.

Арадан жарым жыл өттү. 2 айга кечирээк баштаганына карабастан Жулия тамгаларды жана бүтүндөй сөздөрдү анын классындагы башка балдардай эле окуганды жана жазганды үйрөнүп алды. Сүрөт тартуу мурункудай эле анын сүйүктүү нерсеси бойдон калды. Башка балдар Жулиядан бир нерсе тартып берүүсүн далай эле өтүнүшөт.

Жулия балдардын көбү менен достошту. Башында анын классындагы балдар Жулияны «бөтөнчө бир нерсе» катары көрүшчү, бирок көп өтпөй ага көнүшүп, башка кызга мамиле кылгандай эле ага мамиле кылып калышты. Алар Жулияны өз оюндарына жана иш аракеттерине кошуп, бир бири менен кандай болушса, ага деле так ошондой мамиле кылышты.

Ошентсе да, көйгөйлөр пайда болбой койгон жок. Башында Жулияны үйүнөн мектепке жана артка көтөрүп жеткирүү кызыктуу эле болгон. Бирок бир канча убакыттан кийин балдардын көбү мынча алыс баруудан жалкоолонуп, муну кылууну токтотуп коюшту. Бул, Жулияга жардам берүүнү токтотпогон балдар үчүн алда канча кыйыныраак болуп калды дегенди билдирет.

Ошондо балдарда жаңы ой пайда болду. Алар аны иш жүзүнө ашыруу үчүн ата-энелеринен жардам сурашты. Бир күнү жекшембиде 15 чоң киши жана 20 бала чогулуп, Жулиянын үйүнөн муктепке барган чоң жолго чейинки ийри-куйру жалгыз аяк жолду кеңейтип киришти. Алар ошол ийри-куйру жалгыз аяк жолду кененирээк жана тегизирээк кылып, аны бардык таштардан тазалап, анын бетин түздөп, тыгыздап таптап беришти. Жол мурункудай анча чукул ылдый болбой калды.

Балдардын биринин атасынын чакан устаканасы бар экен, дагы бир баланын атасы жыгач уста болуп чыкты. Балдардын көмөгү менен бул эки уста кызга эски отургучтан, велосипеддин эки дөңгөлөгүнөн жана кичинекей эки чыгырыктан кадимкидей дөңгөлөктүү отургуч курап жасап беришти.

Жулия ушул дөңгөлөктүү отургучту көргөндө аябай кубанды. Анын колдору күчтүү эле. Ал узак эмес машыгуудан кийин дөңгөлөктүү отургучун башкарганды жана ага отуруп алып, мектебине жеткенди үйрөнүп алды.

"Эми сен өзүң эле мектепке бара аласың, - деди Томас. – Өзүңдү кандай сезип турасың?"

"Эркиндикти сезип турам! – деп Жулия кубанды. – Өзүмдү көз карандысыздык декларациясын жазып жаткандай сезип турам!" Анан ал бир азга ойлонуп, кабагын бүркөп: "Мен, албетте, толук көз карандысыз эмесмин, бирок бул эч нерсе эмес. Биз баарыбыз бир бирибизден кандайдыр бир даражада көз карандыбыз. Менимче, ушундай эле болушу керек!"


"Бардыгы менен тең укуктарга ээ болуу – мына ушул нерсе маанилүү, – деди Томас, – жана сен башкалардан кем эмес экениңди жана бардыгынан мыкты болгон эч ким жок экенин эстен чыгарбоо".

Жулиянын үйүндөгү иштери да оңоло түштү. Кыздын өзүнө карата болгон сый-урматы жогорулаган сайын ата-энесинин ага болгон мамилеси да жакшырды. Капыстан Жулия апасы экөө Жулия далай нерсени өз алдынча жасай аларын билишти. Ал тамак даярдашып, кир жуушуп жана кичүү иниси менен сиңдисин карашып жардам бере баштады. Ал муну ырахат менен кылып, бөбөктөрүн ыйлатканын токтотту (албетте, бөбөктөрү буга татыктуу болгон учурларды эсепке албаганда!).

Жулиянын апасы мурда кызынын жардамысыз үй тиричилиги менен кантип алышып жүргөнүнө таң гана калды. Жулия мектепте жүргөндө, апасына кызынын жардамы керек болуп жатты. Көп өтпөй апасы үй-бүлөдө дагы бир бала төрөлөрүн билди. Ошондо ал Жулия мектепке барбай эле, ага үйдө жардам берсин деп чечип койду.

Бирок атасы муну менен макул болгон жок. "Жок, – деди ал. – Эгер Жулия келечекте кайсы бир кесипке ээ болоюн десе, мектеп башка балдарыбызга салыштырмалуу Жулия үчүн маанилүүрөөк. Мындан тышкары, эгер биз кызыбызга мектепке барууга уруксат бербесек, ал кайрадан үйдүн артындагы жерде отура берүүсүн улантат. Мектептеги балдар биздин ушунча сонун кызыбыз бар экенине көзүбүздү ачпады беле."

Жулиянын апасы жылмайып: "Туп-туура айтып жатасың. Ошол балдар-кыздарга чоң ырахмат... айрыкча, тигил кичинекей акылман Томаска!"



# БАЛА балага ПРОГРАММАСЫ

## ТҮШҮНҮҮСҮ БУЗУК БАЛДАР

Коомчолордун көбүндө ***акыл-эси*** өнүгүүсү артта калган бала өзгөчө оор абалда болот. Башка балдар мындай баланы өздөрүндөй тез ойлоно албагандыгы же көптөгөн нерселерди өздөрүндөй оңой эле түшүнүп жана аларды эстеп кала албагандыгы үчүн шылдыңдай беришет. Бул өзгөчөлүктөрүнө карабастан, мындай баланын алардыкындай эле башкалар менен дос болууга, оюн ойноого жана башкалар ага сый-урмат менен мамиле кылуусуна муктаждыктары болорун балдар түшүнүшпөйт.

Бул программа акыл-эсинин өнүгүүсү артта калган балдардын муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн жалпылык мыктыраак түшүнүүсүнө жардам берүү үчүн иштелип чыккан. Биз мындай балдар өздөрүн бирдиктүү топтун бир бөлүгү катары сезүүсүнө жардам берүүнүн мүмкүн жолдорун, мындан тышкары, жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аларга жаңы ык-жөндөмдөрдү үйрөтүү ыкмаларын карайбыз.

## Балдар менен сүйлөшүү

Бул иш-чараларды балдарга төмөнкү суроолорду берүүдөн баштоого болот:

- Бир нерсени аны менен тең курактагы башка балдарга салыштырмалуу начарыраак түшүнгөн, биздин аймакта жашаган бирөөнү билесиңерби?
- Мындай бала башка балдар менен көп эле ойнойбу?
- Башка балдар ага кандай мамиле кылышат?
- Эгер сен ошол баланын ордунда болсоң, өзүңдү кандай сезмексин?

## Оюндар жана башка үйрөтүү иш чаралары

Ар кайсы нерселерди кыла албай кыйнала берүүсү үчүн жөнү жок күнөөлөнө берген, түшүнүү жөндөмү бузук бала өзүн кандай сезерин балдар түшүнүүсүнө жардам берүүчү оюндардан жана иш чаралардан баштаңыз. Андан кийин мындай балага жаңы нерселерди үйрөнүүсүнө жардам берүүнүн жеңилирээк, достор ортосундагыдай жана натыйжалуураак жолдорун издөөнү балдарга сунуш кылыңыз.

### "ЭНГЛФЛИП" ДЕГЕН ОЮНДАН БАШТООГО БОЛОТ

(Чынында "энглфлип" деген эч нерсени билдирбейт, ал ойдон чыгарылган. Бирок келиңиз, ал "Тур" деген буйрукту билдирет деп эсептей туралы.)

1. Топтогу балдардын бирине кайрылып, ага «Энглфлип!» деп буйруңуз.




2. Үнүңөрдү катуураак чыгарып айтыңыз. Ачууңуз келип жатканын көрсөтүңүз.




3. Башка балдарга кайрылыңыз.




4. Эми сиз эмне деп жатканыңызды аларга көрсөтүү, буттарына туруусуна жардам берүү же жылуу-жумшак түрдө түшүндүрүү жолдору аркылуу балдарга оюңуздагыны жеткириңиз.




**Эми, балдар менен төмөнкүлөрдү талкуулаңыз...**


- Мугалим силерге эмне деп жатканын түшүнбөй койгондо, өзүңөрдү кандай сездиңер?
- Мугалим ачуусуна алдырганы туурабы? Бул жардам бердиби?
- Акыры мугалим туура кылдыбы? Мугалимди түшүнүүгө эмне жардам берди?
- Силердин "энглфлип" дегенди түшүнө албай кыйналганыңар түшүнүү жөндөмү бузук баланын кыйынчылыктарына эмнеси менен окшош?

## Театрлаштырып түшүндүрүү ыкмалары

Башкалар ага эмне деп жатканын түшүнбөгөн балага канчалык кыйын болорун жана түшүнүүсүнө ага жардам берүү жолдорун көрсөтүү үчүн, театрлаштыруу ыкмаларын пайдалансаңар болот. Мисалы:

5 баладан кийинки театрлаштырылган жагдайды ойноп берүүнү сураныңыз.

Баары үйдү жыйнап жаткандарын ойношу керек. Бирок үйдү жыйноого кирише элегинде, алардын бирөө бөлмөдөн чыгып турсун. Калгандары бөлмөнү бир аз жыйнагандан кийин тигил бешинчи баланы чакырып, ага "бла, бла, бла, бла, бла" дешсин. Бул 4 балага бул "бла-блалар" "барып, суу алып кел!" дегенди билдирерин түшүндүрүңүз. Бирок бешинчи бала алардын маанисин билбеши керек.



Тиги төртөө бешинчисине "бла, бла, бла..." дегенди дагы бир аз убакыт улантсын, андан кийин, төртөө эмне деп жатканын бешинчиси түшүнүүсүнө жардам берүү үчүн, төртөө башка жолдорду колдонуп көрүшсүн.

Оюндун шарттары түшүндүрүлгөн соң, бешинчи бала бөлмөгө кайтат да, оюн башталат.

Классты 5 (же андан көбүрөөк) баладан турган кичирээк топторго бөлүп, оюнду кезеги менен ар бирине ойнотуңуз. Балдар өздөрү ар түрдүү жагдайларды жана "бла, бла, бла, бла, бла" дегендин башкача маанилерин ойлоп чыгаруусун аларга сунуш кылыңыз.

**Оюн бүткөндөн кийин аны бардык класс менен талкуулаңыз:**


- Андан эмне талап кылынып жатканын түшүнбөгөн адам өзүн кандай сезет?
- Бул маалда башкалар өздөрүн кандай сезет?
- Балдар бул «сөздөрдүн» маанисин бешинчи бала түшүнүүсүнө жардам берүү үчүн, алар эмне кылышты?
- Андан эмне талап кылынып жатканын бешинчи бала түшүнүүсү үчүн, балдар дагы эмне кылышса болмок?

## Кошумча иш чаралар: окуя жазуу же айтып берүү

Окуяны бир күнү бир бала ойгонуп, башкалардын сүйлөгөнүн түшүнбөй калганынан баштаса болот.

Балдардын ар бири бул окуяны каалаганындай өз алдынча улантып жазсын же айтып берсин. Окуяларын сүрөттөр менен камсыз кылууну балдарга сунуш кылыңыз.

Башкалар эмне деп жатканын жана алардын оюндагысын түшүнүүсүнө балага кантип жардам берсе болору тууралуу ойлорун окуяларына кошуусун да сураныңыз.



Балдарга мындай тапшырманы тил же жазуу сабагында берүү мүмкүн. Балдар окуяларын жазып бүткөндөн кийин аларды кенже класстарга окуп беришсе болот.

## Эс тутум

Ар түрдүү нерселерди эстеп калуу жөндөмү чоң мааниге ээ экенин жана эс тутуму бузулган балдарга абдан кыйын болорун да балдар түшүнүүсү маанилүү. Андан кийин балдар мындай бузулуусу бар балдардын бир нерсени эстеп калуусун жеңилдетүүгө жардам берүү жолдорун издеп, аракет кылып көрүшсө болот.

### ЭС ТУТУМДУ ЖАКШЫРТУУЧУ ОЮН №1

Балдардан көп ар түрдүү кыймылдарды биринин артынан бирин жасоону сураңыз. Адегенде бул кыймылдардын бардыгын биринин артынан бирин абдан тез атап чыгыңыз. Андан соң, буга чейинки буйрукту аткарып бүтүүлөрүн күтпөй эле коюңуз, кийинки буйрукту бере бериңиз.

Эгер балдар бардык буйруктарды эстеп калбаса, аларды дагы бир ирет катуураак, бирок буга чейинкидей эле биринин артынан бирин жана тез кайталаңыз.

Эми тапшырманы өзгөртүңүз. Кыймылдардын ар бирин балдар толук жасап бүтө алгандай жай атап, андан кийин гана кийинки буйрукту бериңиз.







### ЭС ТУТУМДУ ЖАКШЫРТУУЧУ ОЮН №2

Үстөлдүн үстүнө 14 ар түрдүү буюмду балдарга жакшы көрүнгөндөй кылып коюңуз. Сиз 30га чейин санап бүткөнчө, балдар буюмдарды жакшылап эстеп калуусуна мүмкүндүк бериңиз. Андан кийин буюмдарды үстүнөн кездеме менен жаап, буюмдардын жетөөсүн балдарга байкатпай алып салыңыз. Анан кездемени алыңыз. Балдар жоголуп кеткен буюмдарды санап, кагазга жазсын.

Оюнду кайталаңыз. Бирок бул жолу үстөлгө 6 гана буюмду коюңуз, анын үчөөнү алып салыңыз.


Оюндун кайсы варианты жеңилирээк?


**Эс тутумду жакшыртуучу оюндардан кийин:**

- Балдардан эмне үчүн оюндун экинчи варианты жеңилирээк экенин сураңыз?
- Эгер бир нерсени түшүнө албай кыйнала берген балдар бир убакта өтө көп тапшырма алышса, көп учурда алар чаташып адашып калышарын балдарга түшүндүрүңүз. Мындай балдар үчүн атүгүл 2 эле тапшырма өтө көп болушу мүмкүн. Балдар эмне сунуш кыларын алардан сураңыз.
- Эгер балдар бир нерсени эстеп кала албай кыйнала берген баланы билишсе, алар ошол бала менен ушул сыяктуу оюндарды ойноо жолу аркылуу эс тутумун бекемдөөсүнө ага жардам бере алышат. 2 же 3 тапшырмадан же буюмдан баштагыла. Бала тапшырмаларды же буюмдарды мыктыраак эстеп кала баштагандан кийин гана алардын санын бара-бара көбөйтүңүз. Бала тапшырмаларды жакшы аткара алганда, ар бир ирет аны мактаңыз же ага кандайдыр бир сыйлык бериңиз.

## “МЕН УНУТУП КОЙДУМ” АТТУУ ОКУЯНЫ ТАЛКУУЛОО

Апасы кичинекей уулун бир аз банан сатып кел деп дүкөнгө жиберсе, уулу эч нерсеси жок эле кайтып келгени тууралуу окуяны айтып берүүдөн баштаңыз.






- Бала эмне үчүн банан алып келген жок?
- Эмне болду деп ойлойсуңар?
- Биз ага кантип жардам берсек болот?

Кийинки күнү бала кайрадан банан сатып алууга кетип, ширенке менен келет. Эмне үчүн? Апасы аны эмне сатып алууга жибергенин бала эстеп калуусу үчүн, биз ага кантип жардам бере алабыз? Төмөндө бир нече вариант келтирилген:

- Бул бала менен башка бала чогуу барып, бирок бананды өзү сатып алуу үчүн эмес, тигил балага эмнени сатып алуу керектигин эстетип же багыттоочу суроолорду берүү жолу аркылуу эстөөсүнө ага жардам берсе болот.
- Бала банандын сүрөтүн же бир нече кичинекей таякча (булар бала канча банан алышы керектигин эстетет) ала барса болот.
- Балдардын бири эс тутумду өрчүтүүчү оюндардын жардамы менен баланы үйүнөн машыктырса болот. Бир маалда бир буюмдан баштоо зарыл.
- **Бала ага берилген тапшырмаларды ийгиликтүү аткарганда, ар бир жолу аны сөзсүз мактап же ага кичинекей сыйлык берип тургула.** Эгер бала бир нерсени унутуп койсо, аны мактоого болбойт, бирок **аны жазалоого да эч качан жол бербегиле.** Анын эстеп калуу жөндөмү бузук экенин жана анын мында күнөөсү жок экенин эсиңерден чыгарбагыла!

## “ДҮКӨНГӨ БАРУУ” ДЕП АТАЛАГАН САХНАЛАШТЫРЫЛГАН ОЮН

Балдар төмөнкүдөй жагдайды ойношсо болот:

Энеси баласын дүкөндөн көп ар түрдүү нерселерди сатып алуусу үчүн жиберет. Бала классын 3 ирет аралайт. Жолдон ал көп адамды кезиктирет. Алар балага көптөгөн суроолорду беришет: “Саат канча болду?”, “Каякка жөнөдүң?”, “Базарга кантип өтөм?”

Дүкөнгө жеткенде, ага тапшырылган нерселердин канчасы баланын эсинде калды деп ойлойсуңар?




Бул баланын жагдайын класс менен талкуулаңыз. Эмнелерди сатып алуу керектигин оңоюраак эстеп калуусуна балага кантип жардам берсе болот? (Ал окуганды билбейт дейли.)

## ҮЙРӨНГӨНҮБҮЗДҮ ИШ ЖҮЗҮНДӨ КОЛДОНУУ

Балдар айылында же жакын арада жашаган, башкалар ага эмне деп жатканын жакшы түшүнө албаган же эс тутуму начар баланы билишеби?

Балдардын мындай балага көмөк көрсөтүү мүмкүнчүлүгү барбы? Мисалы:

- Аны сыйлаган жана аны оюндарына кошуп турушкан достору бар экенин бала сезүүсүнө жардам бере алышабы?
- Анын эс тутумун бекемдөөгө көмөк кыла алышабы?
- Көбүрөөк ар түрдүү нерселерди кылууну үйрөнүүсүнө ага жардам бере алышабы?
- Эгер ага капыс жардам керек болуп калса, мектепке барып, кошумча көмөк алуусуна жардам бере алышабы?
- Балдардын (же чоң кишилердин) арасында көбүрөөк кубанып жана өзүн мыктыраак сезүүсүнө көмөк кыла алышабы?

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү баланы шылдыңдап, аны кемсинтип турган балдарды (же чоң кишилерди) балдар билет бекенин алардан сураңыз. Мындай жагдайда бир нерсе кылууга болобу? Балдар конкреттүү түрдө кантип жардам бере алышат? Балдар кандай сактык чараларын көрүшү керек? Кийинки бетте, акыл-эси өрчүүсү артта калган балдарга негизги ык-жөндөмдөрдү өздөштүрүүсүнө кантип жардам берсе болору жөнүндөгү окуя келтирилген. Башка идеяларды 32–41-бөлүмдөрдөн табууга болот.

## ЗАКИ ЖАНА НАСИР

### Бул окуя Пакистанда болгон.

Бул эки бир тууган: тогуз жашар Заки жана жети жашар Насир тууралуу окуя. Пешаварда алардын атасынын чакан дүкөн бар эле, ал эми лардын апасы мектепте мугалим болуп иштечү. Дагы балдардын башка жерде жашашкан студент агасы жана эжеси бар эле. Заки мектепке барчу жана жакшы окучу, ал эми Насир мектепке таптакыр барчу эмес. Себеби Насир кадимки балдардан айырмаланчу: анын акыл-эсинин өрчүүсү артта калган. Ал бир бирине байланышы жок бир нече сөздү гана айта алчу, өз алдынча кийине алчу эмес жана тамактануу учурунда алдындагы нерселерди чачып салчу.

Заки мындай инисинен абдан уялчу. Кошуна балдар Насирди шылдыңдап күлүшчү, аны ар түрдүү орой аттар менен аташчу, анын ачуусуна тийе беришче жана аны түртүп жиберишчү. Насирдин буга ачуусу келгендиктен аларды уруп жибергиси келчү, бирок мунусунан эч майнап чыкпай эле, ал жерге бети менен жыгылып калчу. Чоң кишилердин айрымдары муну көрүп, башын чайкап: “Насирге жин тийген окшойт” деп үшкүрүп коёр эле.

Заки үчүн, үйдө чоңдордон эч ким жокто (мындай учурлар көп болгон), инисин карап калууга аргасыз болуусу эң кыйын болчу. Мындай убакта Заки көчөгө чыгып, мектеги достору менен ойной алчу эмес. Заки иниси менен үйдө отуруудан зерикчү. Иниси сүйлөй да, оюн ойной да алчу эмес.

Иниси менен үйдө калууга аргасыз болгондо, Заки дайыма өзүн аяй берчү жана ал бара-бара инисин жек көрө баштаган. Закиге “Бул туура эмес!”, “Мен эч бир жаман нерсе кылган жокмун. Эмне үчүн менин ушундай иним бар болушу керек? Анын айынан атүгүл тышка да чыгып, досторум менен ойной албайм” деген ойлор келчү.

Бир күнү үйгө алардын атасына бөлө болгон Дауд аттуу доктур келип калды. Балдардын ата-энеси үйдө жок болчу. Үйдө Заки менен Насир гана бар эле. Доктур Дауд Закинин ыйлап жатканын көрүп, андан эмне болгонун сурады. Заки ага иниси жөнүндө жана иниси анын жашоосун кантип бузуп жатканын айтып берди.

Доктур Дауд Закини кунт коюп угуп, анан мындай деди: “Сага чын эле жаман болуптур. Анан эмне кылайын деп жатасың?” “Мен эмне кыла алмак элем? – деп үнүн чыгара айтты Заки. – Азыр Насирдин мээси мындан 2 жыл мурункудай эле иштейт, ал эми 2 жылдан кийин анын мээси мындан да 2 эсе начарыраак иштеп калат”. Доктур Дауд бир заматка ойлоно түшүп, анан Закинин көздөрүнө түз карап, мындай деди: “Мүмкүн баары так сен айткандай болот, бирок чынында кандай болот – бул **сенден**, тагыраак айтканда, сен мээңди канчалык жакшы иштетериңен көз каранды”.



“Кандайча? – деп таң калды Заки. – Мен жакшы окуйм, ал эми Насир биринчи класска да бара албай жүрөт”. “Эгер акылың эки адамга жетиштүү болгондой акылдуу болсоң, анда жакшы жакка өзгөрүүсүнө Насирге жардам бере аласың, – деп көнбөдү доктур Дауд. – Ошондо экөөңөргө тең бир кыйла жакшыраак болот, тышка чыгып ойноп келүү үчүн бош убактыңар көбүрөөк болот, экөөңөр тең бактылуураак болосуңар”. “Ал үчүн эмне кылышым керек?” – деп сурады Заки. ”Адегенде мен ата-энең менен сүйлөшүүм керек” – деп жооп берди доктур Дауд.


Кечинде доктур Дауд кайра келип, Закинин ата-энеси менен көпкө чейин сүйлөшүп отурду. “Насирди айыктыра турган дары жок. Атүгүл эң мыкты деп эсептелинген хирургдар да ага жардам бере алышпайт. Бирок... эгер балаңызга жетиштүү убакыт бөлүп, чыдамдуу болсоңор, Насирге көп нерсени өз алдынча кылууну үйрөтө аласыңар.” Балдардын атасы буга мындай деди: “Көп так ушунда болуп жатпайбы: биз үйдө аз убакыт гана болууга аргасызбыз. Мен Насирди дүкөнгө алып бара албайм, себеби ал дүкөндөгү сатыкка коюлган нерселердин баарын чачып салат. Ал эми апабыз мектепте иштейт, мектептен кийин бизге тамак даярдашы керек жана муктаждарга жеке сабактарды берет. Биз иштерибизди таштай албайбыз, себеби жээрге тамаксыз жана батирдин ижара акысын төлөөгө акчасыз калабыз”.

“Бирок Закинин бош убактысы бар го, – деп көнбөдү доктур Дауд. – Ал Насирге далай нерселерди үйрөтө алат. Заки жок дегенде бир айдай аракет кылып көрсүн, мен ага эмнеден баштоо керектигин көрсөтөм”. Ошентип, Заки инисине мугалим болуп калды. Ошол эле учурда ал өзү да абдан көп нерсени үйрөндү. Ал Насирге өз алдынча кийинүүнү үйрөтө баштады. Мурда ал кийимди кийүүнүн эмнеси оор экенин түшүнчү эмес. Бирок көп өтпөй, Насирди үйрөткөндө, баары оңой боло бербегенине көзү жетти. Адегенде футболканын алды жагы кайда жана арткы жагы кайда экенин билип алуу керек. Андан соң баш өтүүчү чоң тешикти таап, ага башты киргизип, анан оң колду оң жеңине, сол колду сол жеңине киргизүү зарыл. Акырында, футболканы ылдый тартып, түзөп коюу керек.

Мындан кийин Насирге өз алдынча тамактанганды үйрөтүү керек эле. Тамактанууну үйрөтүү оңой эле деп ойлоп жатасыңарбы? Насирге бардык кадамдарды ирети менен: токочтун кесимин кантип колуна алууну, ага бир аз суюк татымалды коюуну, анан муну оозго салууну жана жутардан мурун аны чайнаганды унутпоону үйрөтүүгө туура келди. Насир кадамдардын ар бирин эстеп калуусу үчүн, көп жолу кайталоо, балага дем берип туруу жана ага сыйлык берип кызыктырып туруу талап кылынды. Заки доктур Дауддун “Насирди үйрөтүү үчүн, эки адамдай акылдуу болушуң керек” деген сөздөрүнүн маанисин эми түшүнө баштады. Алгачкы кичинекей ийгиликтер пайда болгондо, эки бир тууган өздөрүн абдан бактылуу сезишти жана бардык кыйынчылыктарын унутуп коюшту.

Бир нече айдан кийин доктур Дауд эки бир тууган жашаган үйдүн жанынан өтүп бара жатканда, Заки анын алдынан тосуп чыгып: “Тезирээк, доктур Дауд, үйгө кириңиз!” – деп кыйкырды. Заки катуу кыйкыргандыктан, доктур Дауд кырсык болуп кеткен го деп ойлоп, үйгө шашты. Бирок үйгө чуркап киргенде, ал отургучунда кенен жылмайып отурган Насирди гана көрдү. “Эмне болду? Эмне болуп кетти?” – деп доктур айраң-таң болду. Заки абдан толкундана туп тургандыктан зорго: “Насир толук сүйлөм айтты! Өзү айтты! Ал буга чейин эки сөздөн ашык удаа айткан эмес. Ал эми азыр ал капыстан: “Заки, Насирге момпосуй берчи”, – деди. Мен ага сүйлөгөндү көп айдан бери үйрөтүп келатам. Акыры, максатыбызга жеттик!”

Доктур Дауд жылмайып: “Менимче, сен иниңди мурдагыдан да көбүрөөк жакшы көрүп калыптырсың” – деди.



# БАЛА балага ПРОГРАММАСЫ

## БАЛДАРДЫН УГУУСУН ЖАНА КӨРҮҮСҮН ТЕКШЕРҮҮ

### Текшерүүнүн мааниси

Айрым балдар башка балдарга салыштырмалуу начарыраак көрүшөт же угушат. Чоңдор көп учурда муну билишпейт, ал эми балдар аларга бул тууралуу эч нерсе айтышпайт. Бирок мугалимин жакшы уга албаган же класстагы жазуу тактасына жазганын көрө албаган бала окуусунда классташтарынан артта калып калышы мүмкүн. Мындай окуучу баарынан арткы партага отуруп жашынууга аракет кылышы ыктымал. **Биз ага жардам бере алабыз: аны болгону мугалимге жакыныраак отургузуу керек.**

Мындан тышкары, угуусу начар балдар сүйлөгөндү же башкалардын сүйлөгөнүн түшүнгөндү курбуларындай эрте үйрөнө алышпайт.

Программанын максаты – мектеп окуучуларынын көмөгү менен жардамга муктаж, угуусу жана көрүүсү начар бөбөктөрдү жана мектепке чейинки курактагы балдарды аныктап табуу.

## МЫНДАЙ КӨЙГӨЙДҮН ОЛУТТУУЛУГУН ТҮШҮНҮҮСҮНӨ БАЛДАРГА ЖАРДАМ БЕРҮҮ

Балдардын көңүлүн бул көйгөйлөргө буруу жолдорунун бири – сурамжылоо жүргүзүү:

- Көрүүсү же угуусу начар бирөөнү билесиңерби?
- Силер андай адамдарга башкача мамиле кыласыңарбы? Эмне үчүн?
- Эгер силердин көрүүңөр же угууңар начар болгондо, өзүңөрдү кандай сезмексиңер?

**Угуусу начар балдардын кыйынчылыктары** жөнүндө жалпы түшүнүктү берүүчү оюндар

### “УК!” ДЕП АТАЛГАН ОЮН

Балдардын баары 3 мүнөт бою эч үн чыгарышпай, айланасындагы добуштарды ыклас коюп тыңшашат. Андан кийин алар укканын кагазга жазуу же сүрөт түрүндө өткөрүшөт.




### “СЕН ЭМНЕ ДЕДИҢ?” ДЕП АТАЛГАН ОЮН

Балдардын бири кулактарын жабат, ошол эле учурда башка бир бала калгандарына күлкүлүү окуя айтып берет. Андан кийин дагы бирөө “мугалимдин” ролун аткарып, бардык балдарды (эч нерсе укпаган баланы да) кезеги менен бул окуя тууралуу сурайт. Оюндун аягында баары тигил баладан айтылып жаткан окуяны уга албоо кандай экенин сурашат.

Угуусу начар бирөөгө жардам берүү үчүн, балдар эмне кыла аларын алардан сураңыз. Сунуштардын арасында төмөнкүдөй варианттар да болушу мүмкүн:

- Мындай баланы биринчи партага мугалимдин жанына отургузуу керек.
- Ар бирибиз атайылап **жай, так жана үндү катуу чыгарып** (бирок кыйкырбай) **сүйлөсөк** болот.
- **Аны менен жаңдоо ыкмасынын же “белгилер тилинин” жардамы менен сүйлөшсөк болот** (эгер бала абдан начар укса же такыр укпаса).
- Сүйлөп жаткандын эриндеринин кыймылдоосун карап, аны түшүнүүгө аракет кылса болот. Эгер сөздөрдү укпасаң, бул ыкма абдан оор. Балдар бул ыкманы колдонуп көрүшсүн.

## “СӨЗДӨРСҮЗ СҮЙЛӨШҮҮ” ДЕП АТАЛГАН ОЮН

Көп учурда, угуусу начар же таптакыр укпаган балдар сүйлөй албай дудук болушат. Мындай нерсе бул балдар акылсыз болгондуктан улам эмес, болгону сүйлөгөндү үйрөнүү үчүн угуу керек болгондуктан улам болот. Бул оюн балдарга дудук балдардын кыйынчылыктарын түшүнүүгө жардам берип, алар менен сөздөрсүз эле “сүйлөшүү” ыкмаларын издөөгө түрткү берет.



Оюн боюнча балдардын бири оюнду алып баруучу катары калган балдарга бир нерсени, сүйлөбөй, жаңдоо ыкмасынын жардамы менен түшүндүрүүгө аракет кылат. Балдар тиги эмне деп жатканын табышы керек. Оюнду алып баруучу “Мага бир чыны суу керек” деген сыяктуу жөнөкөй сүйлөмдөн башташа болот. Балдар оюнду алып баруучунун көрсөтүп жаткан нерселерин табууга аракет кылышат. Андан кийин балдар ар түрдүү буюмдарды, сүйлөмдөрдү, ойлорду кезектешип көрсөтсүн. Жөнөкөй сүйлөмдөрдөн баштоо керек, мисалы:

- Мен уктагым келип жатат.
- Мага топ берчи.



Тапшырмаларды бара-бара татаалдаштырыңыз, мисалы, мурдагыдан оорураак сүйлөмдөрдү колдонуңуз.


- Мен адашып калдым жана үйүмдү таба албай жатам.
- Мен жаман түш көрдүм.

### Оюндун аягында төмөнкүлөрдү талкуулагыла:

- Сөздөрдү колдонбой бир нерсени түшүндүрүү оор бекен?
- Эгер силерди эч ким түшүнбөсө, өзүңөрдү кандай сезмексиңер?
- Оюңардагыны башкаларга билдирүүгө силерге жардам берүү үчүн башка балдар эмне кылышты?
- Алар дагы башка бир нерсе кылышса болмок беле? Эмне?
- Сүйлөй албагандардын башкалар менен катнашуусуна кантип жардам бере аласыңар?

Балдарга **дүлөй жана дудук адамдардын белгилер тили** жөнүндө айтып бериңиз. Аны балдар бир бири менен жаңдоо ыкмасынын жардамы менен “сүйлөшүп” жатканын көрсөткөн оюн түрүндө көрсөтүңүз. Белгилер тилинин 2 түрү бар: биринчисинде, негизинен, алфавит колдонулат; дүлөй жана дудук адамдар бир бири менен катнашууда артык көргөн экинчисинде ар түрдүү кыймылдарды жана буюмдарды билдирүү үчүн символдор пайдаланылат.

Эгер мектебиңерде, айылыңарда же жакынкы арада дүлөй бала бар болсо, балдарга бул балага белгилер тилин үйрөтүү жолун ойлоп табуу кызыктуу болмок. Же болбосо, дүлөй бала менен “сүйлөшө” алуу үчүн, алар өздөрү бул тилди үйрөнүшсө болот.




АКШда алфавитти колдонгон белгилер тили тараган. Белгилер тили тууралуу толугураак маалыматты 266-беттен карагыла.


Эгер класста бир-эки бала белгилер тилин үйрөнүп алышып, анан кадимки тилди белгилер тилине которууга жардам беришсе, дүлөй балдар үчүн мектепте окуу мүмкүн болот жана алар мектебинин жана коомчосунун турмушуна жигердүүрөөк катыша алышат. (Белгилер тили боюнча китептер тууралуу маалыматты 639- жана 640-беттерден издегиле.) Мындан тышкары, 31-бөлүмдү да карагыла.

# **Көрүүсү начар балдардын көйгөйлөрүн** түшүнүүгө жардам берүүчү оюндар

## “УУРУНУ КАРМА!” ДЕП АТАЛГАН ОЮН

Бул оюн **жакшы угуунун маанилүүлүгүн** жана **көрүүсү начар адамдардын кыйынчылыктарын** түшүнүүгө жардам берет.

- Балдар тегерек болуп тизилип турушат. Бирөөнүн көздөрү таңылат. Ал ортого турат. Анын буттарынын алдына кичинекей таштар, жаңгактар же башка майда буюмдар ташталат.
- Калгандары кезектешип, бул нерселерди көзү таңылган балага билгизбей алууга аракеттенишет.
- Эгер ортодо турган бала “ууруну” угуп, аны манжалары менен көрсөтсө, “ууру” кармалды деп эсептелинет жана ошол бала оюндан чыгат.
- Оюндун максаты – кармалбай, мүмкүн болушунча көбүрөөк буюмду уурдоо.




## “НАЧАР КӨРҮҮ” ДЕП АТАЛГАН ОЮН

Бир же бир нече баланын көрүүсү убактылуу «начарлатылат» же тунук эмес кылынат. Бул үчүн бир нече ыкманы колдонууга болот:




Көрүүсү мыкты балдардын бирине бирөөнүн **күчтүү** көз айнектерин тагыңыз.



Же болбосо, анын көздөрүн “калька” деп аталган тунук кагаз, мом кагаз же бул үчүн жараган башка материал менен таңыңыз.





Бул бала китептен түрдүү чоңдуктагы тамгалар менен жазылган үзүндүнү окууга аракет кылып көрсүн. Так эле ушуну класстагы жазуу тактасынан кылгыла. Ал бул тапшырманы кандай аткарып жатат? Ал жерде эмне деп жазылганын окуу үчүн, балага ага канчалык жакындоого туура келип жатат? Бул бала китепти башка балдардай эле так жана ыкчам окуп жатабы?

## “СОКУР ЖАНА АНЫ ЖЕТЕЛӨӨЧҮ” ДЕП АТАЛГАН ОЮН

Балдар эки-экиден бөлүнүшөт. Бирөөнүн көздөрү таңылат, экинчиси анын жетелөөчүсү болот. Жетелөөчү “сокурду” колунан алып, сейилге чыгарат. Ал “сокурга” жолдо учураган буюмдарды кармалап аныктоосуна мүмкүнчүлүк берет жана аны кокустуктардан коргойт.

**Оюндан кийин төмөнкүлөрдү талкуулагыла:**

- Көзүңөр көрбөгөн кандай экен?
- Сага жардам берүү үчүн, жетелөөчү эмне кылды? Ал эмнени башкача жасаса болмок?
- Сен өзүңдүн жетелөөчүңө толук ишендиңби?




## "БУЛ КИМ ЭКЕНИН ТАПЧЫ" ДЕП АТАЛГАН ОЮН



Балдардын биринин көздөрү таңылат. Ал колдору менен кармалап, алдында ким турганын табууга аракеттенет.

Так эле ушул оюнду ар түрдүү буюмдарды кармалап аныктоо үчүн колдонсо болот.

## "БУЛ ЭМНЕНИН ЖЫТЫ?" ДЕП АТАЛГАН ОЮН




Көздөрдү таңып, ар түрдүү буюмдарды: апельсинди, чайдын жалбырактарын, бананды, жергиликтүү чөптөрдү, кофени ж.б.у.с. жытынан аныктоого аракет кылгыла.

Балдар бул оюндардын баарын болушунча ойноп алгандан кийин, аларга **сокур адамдар** эч нерсе көрбөгөндүктөн, көп учурда аларда **ар түрдүү буюмдарды жана нерселерди чыгарган добушу, жыты боюнча же аларга тийип аныктоо жөндөмдүүлүктөрү артыкча өрчүп өнүгөөрү** тууралуу түшүндүрүп бериңиз.


## БАЛДАРДЫН КИМИСИ НАЧАР УГААРЫН ЖАНА КӨРӨӨРҮН АНЫКТОО ЖОЛДОРУ

Балдардын кимисинин көрүүсү же угуусу начар экенин **эң кичинекейинде** эле аныктаган абдан маанилүү. Чоңураак балдар кичүү бөбөктөрүнө жөнөкөй тесттерди аткара алышат. Класс же балдардын тобу да кенже класстардын окуучуларынын же бала бакчадагы балдардын көрүүсүн жана угуусун текшерсе болот.

### Эмчектеги (4 айдан баштап) балдардын угуусун текшерүү




- Карындашы, сиңдиси же иниси ар түрдүү – бийик жана пас, катуу жана акырын – добуштарга кандайдыр бир жооп берер бекенин балдар аныктай алышат. Бөбөк добуш чыккан багытты көздөй таң калып карашы, кандайдыр бир кыймыл жасашы, көздөрүн же бүтүндөй башын бурушу мүмкүн. Бала апасын көрбөй туруп, бирок анын үнүнө кандайдыр бир жооп берер бекенине көңүл буруңуз.
- Же болбосо, дандарды же майда таштарды пайдаланып, шылдырак жасаңыз. Шылдыракты алып, бөбөккө артынан жакындап, шылдыракты адегенде бир капталынан, анан экинчи капталынан шылдыратыңыз. Бөбөк буга кандай жооп берүүсүнө байкоо жүргүзүңүз.
- Эми бөлмөнүн ар бөлүгүнөн баланы атынан атап чакырыңыз. Анын буга жооп берүүсүнө байкоо жүргүзүңүз.
- Бала башка добуштарды эмес, так ушул добуштарды угар бекенин текшерүү үчүн, баланын капталынан кол сунуу аралыгына отуруңуз. Бала сизди карабай турганда, бийик добуштарды кандай угат экенин текшерүү үчүн, "Пс" жана "Фс" деген добуштарды, жана пас добуштар үчүн – "Оооо" деген добуш чыгарыңыз. Башка бийик добуштарды кандай угарын текшерүү үчүн, ичке, бирок катуу кагаздын барагын туш келди бүктөңүз, же кашык менен чынынын түбүн сүрүңүз. Башка пас добуштар боюнча текшерүү үчүн, бала өтүп бара жаткан жүк ташуучу автоунаадан чыккан добуштарга, кемеден чыккан гудокко, уйдун мөөрөшүнөн, музыкалдык аспаптардын же добулбастын пас ноталарына кандайдыр бир жооп берер бекенине байкоо жүргүзүңүз.



Эгер бөбөк бул добуштардын бирине да таң калбаса же башын бурбаса, анын угуусунда олуттуу көйгөй бар болушу мүмкүн. Эгер бөбөк добуштардын кээ бирлеринен гана таасирденсе, бул анын угуусу толук эмес дегенди билдирет. Мындай жагдайда бөбөк башкалар ага эмне деп жатканын түшүнө албай кыйналышы мүмкүн. Айтылып жаткан сөздөрдү бир биринен так ажыратып уга албаганынан улам, ага сүйлөгөндү үйрөнүү оор болот. Натыйжада, мындай бала башка балдардай болуп, эрте жана так сүйлөп баштабайт жана атайын жардамга муктаж болот (31-бөлүмдү карагыла).

### Кенже курактагы балдардын угуусун текшерүү (оюн)

- Улуураак балдардын бири кенже курактагы балдар тизилген чийинден бир нече метр артында турат.
- Текшерилип жаткан ар бир баланын артына улуураак балдар колдоруна калем менен барак алып турушат.
- Алдыда турган бала ҮНҮН КАТУУ ЧЫГАРЫП, жаныбарды атайт.





- Текшерилип жаткан балдар бул сөздү артында тургандарга – ар бири өзүнүкүнө – шыбырап айтат.
- Артында тургандар сөздү кагазга жазышат.
- Андан соң башка жаныбарлар: ар бир жаңы жаныбар үндү улам акырыныраак чыгаруу жана акырында шыбыроо менен аталат.
- 10 жаныбар аталып, текшерилгендер аларды артындагыларына кайталап, артындагылар аларды кагазга жазып бүткөндөн кийин, аталган жаныбарлардын тизмелерин бир бири менен салыштырыңыз.
- Оюнду 2-3 жолу кайталагыла.
- **Аталган сөздөрдөн башкаларга салыштырмалуу азыраагын уга алган же аларды туура эмес угуп алган баланын угуусунда көйгөйлөрү бар болушу толук ыктымал.**

## Эгер баланын угуусу начар болсо, эмне кылуу керек?

- Баланы биринчи партага отургузуу керек. Ага ал жерден жакшыраак угулат.
- Бардыгы так жана үндөрүн жетишерлик катуу чыгарып, бирок кыйкырбай (кыйкырууда добуштар бурмалангансып, сөздөр анчалык так угулбайт) сүйлөөсүн камсыз кылгыла. Бала бардыгын түшүнүп жаткан-жатпаганын бат-баттан текшерип тургула.
- Угуусу начар баланы угуусу мыкты баланын жанына отургузгула. Зарыл болгондо, угуусу мыкты бала айтылгандарды кайталап, аларды тиги балага түшүндүрүп берип турсун.
- Балага кайрылганда, дайыма аны карап сүйлөгүлө.
- Баланы мүмкүн болушунча доктур текшериши керек, айрыкча, эгер анын кулагы ириңдесе же улам ооруй берсе.

## БАЛДАР БИР ТУУГАНДАРЫНЫН КУЛАКТАРЫН КАНТИП ТЕКШЕРИП ТУРА АЛЫШАТ?

Алар бир туугандарынын кулактарын улам текшерип, аларда ириң же бөтөн нерселер пайда болгон-болбогонуна байкоо жүргүзүп тура алышат. Эгер алар баланын кулагынан ушул сыяктуу нерселерди көрүшсө, муну дароо чоңдорго билдирүүгө тийиш. Алар баланы доктурга алып барышы керек.



## БАЛДАР БӨБӨКТӨРҮ МЕНЕН ОЙНООСУН МҮМКҮН КЫЛГАН, УГУУНУ ӨРЧҮТҮҮЧҮ ОЮНДАР

Дүлөй деп эсептелген бөбөктөрдүн көпчүлүгү бир аз болсо да угушат. Аларга кунт коюп угууну үйрөтүү зарыл. Балдар бөбөктөрдү кунт коюп угуусуна жана ошентип жаңы нерселерди үйрөнүүсүнө үйрөтүүчү ар түрдүү оюндарды ойлоп чыгарышса болот.




**Мисалы:**

- Бөбөктөргө ырдап берип тургула, ал эми кенже курактагы балдарга ырдаганды үйрөткүлө.
- Ар бир каарман ар башкача – катуу, жумшак, ачуулуу… – угулушу үчүн үнүңөрдү улам өзгөртүп, бөбөктөргө ар түрдүү окуяларды айтып берип тургула.

## БӨБӨКТҮН КӨРҮҮСҮН ТЕКШЕРҮҮ (3 АЙДАН АШКАН БАЛДАР ҮЧҮН)


- Бөбөк алдындагы буюмдарды карайт бекенине, аларга көздөрү менен байкоо жүргүзөт бекенине, энесин көргөндө жылмаят бекенине жана, кийинчерээк, алдындагы буюмдарга колдорун сунуп жетүүгө аракет кылар бекенине балдар байкоо жүргүзүшсө болот.
- Бөбөктүн маңдайына ачык түстүү кооз бир нерсени асып, аны бир жагынан экинчи жагына ары-бери жылдыргыла. Бөбөк ошол нерсенин ары-бери жылышына байкоо жүргүзүп жатабы? Ага башын буруп жатабы?
- Эгер бөбөк антпесе, бөлмөнү караңгылап, маңдайынан күйгүзүлгөн шамды бир жактан экинчи жакка ары-бери жылдыргыла. Муну 2-3 жолу кайталагыла.



Эгер бөбөк көздөрүнүн каректерин же башын буруу жолу менен кыймылдаган нерселерге же жарыкка байкоо жүргүзбөсө, анын көздөрү көрбөйт болуш керек. Мындай бөбөккө түрдүү нерселерди кылууну жана ары-бери жылууну атайылап үйрөтүүгө туура келет. Мында айланасындагылар, мисалы, балдар ага жардам бере алышат (30-бөлүмдү карагыла).

## Балдардын көрүүсүн текшерүү (4 жаштан баштап)

Улуураак балдар чогулуп, көрүүнү текшерүү үчүн атайын жадыбал жасашса болот. Ал үчүн кара кагаздан чоңдуктары ар кандай болгон “Е” тамгаларын кесип, аларды ак картон кагазга жабыштыруу керек.







Дагы, картон кагаздан же башка материалдан өзүнчө чоң “Е” тамгасын кесиңиз.



Балдар жадыбал жасап жатышат (Мексика).


Адегенде балдар бир биринин көздөрүнүн көрүүсүн текшерсин. Жадыбалды жарык жакшы тийген жерге илиңиз. Анан жадыбалдан 3 метр аралыкта чийин чийиңиз. Көрүүсүн текшере турган бала картондон кесилген “Е” тамгасын кармап, ошол чийиндин жанына турат. Башка бала колуна көрсөткүч таякты алып, аны өйдөкү катарлардан баштап, чоңдуктары ар башка “Е” тамгаларына багыттай багыттайт.





Көрүүсү текшерилип жаткан бала бир көзүн жаап, жадыбалда ага көрсөтүлгөн “Е” тамгасынын буттары каякты караса, колундагы “Е” тамгасынын буттарын да ошол жакка каратсын. Эң төмөнкү катардагы тамгалар бүткөндө же ал тамганы көрө албай калганда, башка көзүн жаап, текшерүүнү башынан баштасын.

Эгер көрүүсү текшерилип жаткан төмөнкү катардагы бардык тамгаларды оңой эле көрсө, демек, анын көрүүсү мыкты. **Эгер ал 2чи же 3-катардагы тамгаларды туура көрсөтө албай жатса, анын көрүүсү начар болуш керек.**


- Мындай текшерүүнү көңүлдүү кылуу үчүн, «Е» тамгасы түрүндөгү аттын сүрөтүн пайдаланса болот.
- Мындай аттан чоңдугун ар кандай кылып бешти кесиңиз. Чоңдуктары ушул беттин өйдөкү бөлүгүндөгү жадыбалдагыдай болушу керек.



- Же болбосо, “С” тамгаларынан турган жадыбалды жана таканы колдонгула. Көрүүсү текшерилип жаткан бала таканы жадыбалдагы андан суралган “С” тамгасындай кармасын же андан суралган “С” тамгасы каякты карап турганын айтсын.



Акыл-эси өрчүүсү артта калган, дүлөй же башкалар менен катнашууда кыйналган баланын көрүүсүн текшерүү үчүн, ага белгилүү болгон ар түрдүү буюмдардын сүрөттөрүн колдонууга болот. Ага сүрөттөрдү бирден көрсөтүп, аларда эмне сүрөттөлгөнүн атоосун же ага окшогон сүрөттү же реалдуу буюмду көрсөтүүсүн сурагыла. Мисалы, мындагыдай нерселери бар сүрөттөрдүн жыйнагын даярдап коюуга болот.





Балдар бир биринин көрүүсүн текшерип бүткөндөн кийин кенже класстардагы балдардын же жакында мектепке бара тургандардын көрүүсүн текшеришсе болот.

**ЭГЕР БАЛАНЫН КӨРҮҮСҮ НАЧАР БОЛСО, ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?**

- Баланы биринчи партага, класстагы жазуу тактасына жакыныраак отургузуу зарыл.
- Тамгаларды тактага чоң жана так кылып жазып, бала эми аларды туура окуй алар бекенин улам текшерип туруу керек.
- Баланын көрүүсүн кылдатыраак текшерүү үчүн, аны мүмкүн болушунча көз доктуруна көрсөтүү зарыл. Ага көз айнек тагынуу керек болушу мүмкүн.
- Эгер ал көз айнек тагына албаса, чоңойткуч айнек табууга аракет кылгыла. Ал балага кичинекей тамгаларды окууга жардам берет.




- Эгер бала көрүүсү начар болгондуктан окуй да, жаза да албаса, аны окутканда


**АБДАН ЧОҢ ТАМГАЛАРДЫ ПАЙДАЛАНГЫЛА.**

- Эгер бала баары бир окуй албай кыйналса, башка бала үнүн катуу чыгарып, ага китептерди жана тапшырмаларды окуп берип турсун.

## Балдар бир биринин көздөрүн текшерсин

Балдарды кызыктыруу үчүн, сурамжылоодон баштагыла. Мисалы:

- Сенин көздөрүң классташтарыңдыкындай элеби? Алардыкындай жылтылдап турабы? Тунукпу?
- Кичүү бир тууганадарыңдын көздөрү кандай?
- Сен караңгыда жакшы эле көрөсүңбү? Же түнкүсүн бир нерселерге көп чалынасыңбы?
- Араңарда көздөрү күңүрт болуп көрүнгөн балдар барбы? Алардын көздөрүндө кандайдыр бир тактар же бырыштарга окшош бир нерселер барбы? Эгер бар болсо, алар доктурга көрүнүүгө тийиш.



Дүйнөнүн ар кайсы булуң-бурчтарында көптөгөн балдар начар тамактангандыктан же тамагында керектүү витаминдер жетишсиз болгондуктан сокур болуп калышат. **Көздөрдү мыкты абалында сактоо үчүн, сары мөмөлөрдү жана жалбырактуу каралжын-жашыл жер жемиштерди жеп тургула.** Тамакты даярдоодо колдонулуучу өсүмдүк майын азыктарга кошуп пайдалануу да абдан пайдалуу.



Эгер көздөр кызарса же сезгенсе, аларды бир аз туз кошулган таза суу менен улам жууп туруу керек (суунун туздуулугу жаштыкынан ашпоого тийиш). Мындай суу менен жуудан көздөрдүн сезгенүүсү азаят. Эгер бул жардам бербесе, доктурга кайрылуу зарыл.

**Көрүүнүн бузулуусу жана сокурдук тууралуу кененирээк маалыматтарды 30-бөлүмдөн карагыла.**